С(Кирг)
А17

САПАР АБЫЛОВ


# СААМАЛЫК



С(Кирг)
А17

САПАР АБЫЛОВ

# СААМАЛЫК



САПАР АБЫЛОВ

# СААМАЛЫК

Аңгемелер

К13

3Н 218
РЕСПУБЛИКАНСКА
ДЕТСКАЯ БИБЛИО КА

ФРУНЗЕ
«КЫРГЫЗСТАН»
1984

1—468

84 Ки7
А 17

**Абылов Сапар.**
А 17 Саамалык: Аңгемелер /[Көркөмдөгөн А. Мисюрев]
— Ф.: Кыргызстан, 1984.— 84 бет.

Автордун бул китебине ар кандай ойлорду камтыган бир нече аңгемеси киргизилди.

А $\frac{4702280200-86}{М 451/17-84}$ 145—84

С(Кирг)2
ББК 84 Ки7

Көркөмдөгөн *А. Мисюрев*
Рецензиялаган филология илимдеринин кандидаты *Х. Бапаев*

© «Кыргызстан» басмасы, 1984

# ӨМҮР

Ак чачтуу эне тоо жакты серепчилей карап, күндүн күлмүндөп чыга келишин күтөт. Бир колу жакасында, тоого жалынып-жалбарып жаткандай...

Күн ак мөңгүлүү тоо чокусунан күмүш кирпиктерин чачырата чыга келди.

Тигине күн чыкты. Бүткүл ааламга тарады. Бул таштардын бир бети эзели күн көргөн эместир ээ? Канча замандар, канча кылымдар бою былк этпей жатасыңар? Ал өзүнчө эле кобурап сүйлөп, бир нече ташты оодарды. Маңдайынан чып-чып тер чыгып, мууну калтырап отура кетти. Тоо алыс... Тоо жакты карайт, тоодон көзүн албайт. Өзүнчө шыбырай баштады: «Бизди да ушинтип эңилчек басат, бел бүкчүйүп картаябыз. Чым астынан орун алабыз. Бирок... бирок?..»

Эне энтиге шолоктоп көз жашын төктү. Жер астын-үстүн боло башы тегеренди.

— Аскарым кана! О түрү суук пачис,[1] каргашалуу согуш!... Бет алдындагы ташты кучактай жыгылды.

— Жок, жок! Түк ишенбейм, уулум келет... Тээтиги тоо жактан жадырап-жайнап чыга келсе... Сары-Ташка заңкайтып үй салса, бак-дарак өстүрсө, анан-анан... Алыстан караан көрүндү. Ал караан улам жакындаган сайын көзүнө жылуу учурап, алсыз жүрөгү түрсүлдөп какты. «Бул

---

[1] Пачис — фашист дегени. Автордон

бала кимдин баласы? Жок тааныш эмес. Кайда барат. Баса кайдан келди. Тестиер болуп калган экен. Малчылардын балдары го?»

Өгүзчөн бала жетип келди: — чоң эне бир жакка бараттыңыз беле?

Биздин айылга барса өгүзгө мингизип алайын деген ойго келди бала.

— Эч кайда барбайм тегеренейин. Андан көрө, түшчү. Бала бир азга аң-таң боло карап турду да, өгүзүнөн түшүп, анын мурунтугун бош койду.

— Өгүзүңдү карма тегеренейин, жөнөп бербесин.

— Жок, эне оттой берсин.

Өгүз бетегени аймап кирди.

— Ке, балам, мынабу ташты оодарчы.

— Чоң эне, таягыңызды мага бериңиз.

Бала таяктын учун таштын түбүнө матыра сайды. Энеде жылмаюу пайда болду. Таштын түбү терең эмес экен.

— Бали, балам, ыкша, ыкшай бер. Ыргай таякты өйдө көтөрүп ыкшаганда анча чоң эмес жалпак таш кырдана түштү. Эне тура калып тээп жиберди. Таш оодарылды.

Тоодон аркан бою көтөрүлгөн күнгө карап шыбырай баштады: «О садагасы кетейин алтын күн тиричиликтин жаны сыяктанасың. Сенсиз жашоо кайда... Аскарым келсе.... О кудурети күчтүү жаратылыш, мага боор ачый көр?!»

Бала эненин эмне деп күбүрөп жатканын түшүнбөдү. Тек гана «Алжыган кемпир тура» деди да тим болду.

— Чоң эне мен кете берейинби?

— Мейлиң тегеренейин, өмүрлүү бол, жүзүң дайыма жарык болсун!

...Эне жалгыз аяк жолдун сол тарабындагы сазда түйшүктөнүп жүрдү. Бүгүн жанагы баладан башка бул жолдон өткөн жолоочу болгон жок.

Айлана жымжырт. Саздын ар кайсы жеринен сарыгып аккан суунун гана шылдыр шылдыры...

Күн төбөдөн оол, Алайдын тентек шамалы жүрө баш-

тады. Удургуй соккон бул шамал саздын ары жагындагы жалгыз аяк жолдун чаңын асманга учуруп жатты.

Таякчан карт эне үйүн көздөй бет алды. Шамал этегин улам жула качып, улам кымтынып убараланат. Акырында этегин эркине койду.

«Э жараткан неге мынча кордойсуң! Бүгүнчө шамалыңды кое турсаңчы. Күндө минтчү эмес элең го. Каргашалуу согуш же сенин каарыңбы?!»

Эне өз алдынча күңгүрөнүп алды да таягын сүйөнө жерге жалпая олтурду. Белине байланган сүткө умачталган арпа талканды мүлжүңдөп жей баштады.

«Эчен жолу бир ууч талкан сурап Сарыбайдын эшигине баргам. Мен сени капкачан унуткан элем. О, согуш жексен болгур, сен гана эсиме салдың — деп, качанкы басып өткөн оор турмушун эсине салды. Баягы бейпил күндөрдө өрөөн сулуу да, кооз да көрүнүүчү. Азыр айлана эмнегедир суз, боз каптап мунарыктаган тоодон эне улам алыстап баратты: «Кайран жаштык, бул жолду тез эле басып өтчү эмес белем!»

Күн уясына батты. Асмандагы бирин-серин булуттар кызарып, тоонун карааны таптакыр жоголо баштады. Булуттардын жалыны өчүп, айлананы караңгылык кучагына тартууда.

Эне чыгышты карап чөк түшүп олтурду. Анын үлүңдөгөн көздөрү тоолордо. Бир аздан кийин Эркеш-Там тараптагы аркайган чокулардын ортосунан балбылдап он бешине толгон ай көтөрүлдү. Айлананы жарык каптады.

— Айланайын Ай! Аскарым келсе, ай чырайлуу Дилбарга үйлөнсө, аз да болсо колунан даам татып, анан чым астында калсам... Кудурети күчтүү кудай боор ачый көр!

Эне жакасынан колун тартып алып күн батышка бурулду: — согушту ким чыгарса өмүр бою зарлап өтсүн!

Ыз-ыз этип шамал сого баштады: «Сенин бул үнүңдү бүт жер шарына таратам, жер үстүндөгү кыбыр эткен жандууга билгизем» — дегенсип ышкырып, эненин муңун адырдан-адырга, тоодон-тоого алып жөнөдү.

## 2.

Түйшүктөн кеч кайтып чарчаган эне бүгүн кеч турду. Күндөгүсүндөй күндүн чыгышын тосуп ала алган жок. Дубалдагы уулунун сүрөтүнө кадала карады. Уулу ага кыймылдагансыды:

— О узарган боюңдан айланайын, чырагым, кел, баягындай эркелечи. Дагы бир нерселерди айтып алжыган энеңди күлдүрчү. Жалгызым, кулунум, кантип жүрөт болдуң экен!..

Калт-калт этип сүрөттү тиктеген боюнча туруп калды. Сырттан кирген Дилбар кыймылсыз Анарды көрүп селт эте түштү. Ал астананы аттаган боюнча өң-алеттен кетип бир паска тилсиз турду:

— Ай кудай... эси ооп калганбы?!

Дилбар эсин жыйганча эне акырын көзүн ачып кыймылга кирди.

— Анар эне! — деп Дилбар кыйкырып жиберип, кайра оозун баса койду. Мындан мурун атынан атаган эмес эле.

— Чоң эне эмне болду?

— Кел айланайын... Эмне болгонумду да билбей калдым... Өх, жаныма олтурчу жакындан бери талып кала турган дартка жолуктум.

— Көп кыжаалат болгонуңуздан го.

— Ошондой болушу да этимал.

— Чоң эне, сиз Аскар акени көп эстейсиз, санааркайсыз, кыжаалат болосуз. Өмүрүн жөн гана тилебейсизби? Ал көптүн катарында жүрөт. Жакында согуш аяктаганда келет го,— деп көңүлүн улады.

— Келет бекен? Оозуңа май тегеренейин!

— Келишет, а сиз минтип көп ойлоно бербеңиз...

— Э, балам, эстебей, санааркабай коюуга көңүл тутпойт. Эне жүрөгү бала үчүн дегдеп, бала үчүн согот тура.

Дилбар суз жер карап, анан башын көтөрдү. Бир топко үн-сөзсүз олтурду.

Эне Аскардын жаш чагындагы жоруктарын жомоктой айтып жатты...

Баятадан бери тунжурап угуп олтурган Дилбар узун сөзүн кыскарышын каалап эненин сөзүн бөлдү.

— Чоң эне, сиз көптөн бери өйүзгү сазга жөнөп каласыз, эмнеге барып жатасыз?

Анар эне ойлоно калды. Жалгыз уулунун келишин тилеп, жаратылышка сыйынып, таш оодарып жүргөнүн айткысы келбеди.

— Эмнесин сурайсың тегеренейин, өз көңүлүмдү өзүм алагды кылып жүрөм да. Жалгыз отуруу зериктирет тура. Тагдырга айтылган экен көрөбүз да...

— Биздикине барбай койдуңуз го. Таенем менен аркы-беркини сүйлөшүп олтура бербейсизби?

Бул суроого эне жооп берген жок. Аскардын чемоданын ачып, үч бурчтуу бүктөлгөн катты алып сунду.

Дилбардын жүрөгү солк дей түштү. Жүзү нурданып, жоодураган кареги жайнап, катты алды.

Бул кат мындан эки ай мурда келген эле: «Кош апа, мен мындан кийин кат жазбаймын. Чолом тийбейт. Кат жазбады деп капа болбоңуз».

Каттын ушул жерин окуп бүтүп токтоло калды.

— Чоң эне бул катты окуган окшойт элем го.

— Окуй бер айланайын, окуй бер. Ошондон бери кат келе элек.

«...Эсенчилик болсо бир күнү барып калаармын, апа!»

Уулунун дал ушул сөзүн Дилбардын оозунан дагы бир жолу уккусу келген. Дилбар катты мурдагысындай бүктөп энеге узатты. Анын ойлуу басып сыртка чыкты.

Мындан бир жыл мурун Дилбардын атасы согуштан каза таап, угузуу кагазы келген. Аскардын катын окуп жатканда атасынын: «Садагаң болоюн кызым, көп санаркабай жүр. Ажал жетпесе барып калам» деген акыркы сөздөрү эсине түштү.

«Ошентиеди беле. Жок, ишенбейм. Аскар аке да... Мын-

дан кийин кат жазбайм дегени кандай? Ооруп калды бекен?»

...Ак сүтүн берип асыраган апасы, ардактаган атасы ал үчүн эң зор керемет, кол жетпеген күч эмеспи.

Эми атасы канчалык өксөп ыйлаганы, санаркаганы менен келбейт. Апасы Гүлайым болсо башка бирөөнүн бүлөсү. Анын ак сүтүн эмүүдөн калса да, күн сайын сырдашып турса өксүк көңүлүнө өбөлгө болмок. Күн сайын каттащып турууга ал алыс.

Дилбар үйгө кирди. Кабагы салыңкы.

— Ээ кызым, кайда бардың?

Таенесинин бул суроосуна жооп берген жок.

Небересинин капаланганын сезген Аптап казандагы көбүктөнүп бышып турган сүттү чоң чарага куюп өз ордуна койду. Дилбар төрдөгү шырдамалдын үстүнө көмкөрөсүнөн түшө бетин басып шолоктоп ыйлай баштады.

— Э, садага кетейин кызым, сага эмне болду? — деп таенеси үйрүлүп үстүнө түшө калып башын өйдө көтөрдү — акылына кирип калган кыз да ушинтип ыйлайт бекен. Кой, антчу эмес, уят болбойбу... Апаңды сагындыңбы? Кичинекей эмессиң го. Аптап эже жооткотуп, небересин сооротууга ар кайсыны айтты. Ал сооронбоду. Ичтеги буулугуусу тараганча ыйлап басылды.

Дилбар бүгүн гана ыйлап жаткан жери жок. Ырас, минтип таенесинин көзүнчө ыйлаганы ушул. Болбосо үйдө эч ким болбогон учурда көз жашын төгүп ыйлап-ыйлап ала турган.

Дилбар шайыр өскөн кыз эле. Андагы шайыр көрүнүшү кайда? Шайырланам десе да кимге анте алат? Бирөө «эмне тайтаңдайт эси жок...» дебейби?

Ооба, Сары-Ташка жумушчулар келип жол ишине киришип, жаңы курулуштар түшө баштаганда согуш каргаша болбодубу... Дилбар бешинчи класстан жетинчи классты бүткөнгө чейин Сопу-Коргондо, тагасыныкында жүрүп окуган. Анын оор басырыктуу мүнөзүнө, татынакайлыгы-

ин, акылдуулугуна тагасы Асан абдан ыраазы болуп өз кызындай эркелетип жиберүүчү.

Мына азыр ошол тагасы аскерде — согушта. Андан кез-кезде кат алып турат. Анын катын атасынан келгендей сезип, көрбөсө да көргөндөй болуп көңүлү көтөрүлөт.

3

Бүгүн күнгө дем алыш. Чак түш. Эми эле жаап басылган жамгыр менен Көк-Булактын талаасы ого бетер көркүнө чыкты. Жай мээрими жаш баладай сүйкүмдүү.

Кайсы ташка, же жамгыр тийбей турган далдараак отурабы, эмнегедир пааналашын билбей ары-бери көз жүгүртүп, айласы кеткенде чапанын чечип чүмкөнүп, көшөрө олтура калган Дилбар, азыр табияттын көркүнөн улам көңүлү эргиди. Анан калса табияттын жамгыр жаап басылгандан кийинки учуру жаштыкка өзгөчө жагат эмеспи.

Жылкычы чымчык ышкырып, торгойлор көккө көтөрүлүп кубулжута сайрап жатты. Жайдын аптабы заматта жерди булоолонтуп, жер үстүндөгү жандууга жан улап, өмүрүнө өмүр кошуп жаткансыды. Жашоо... Өмүр...

Дилбардын көңүлү көптөн бери мынчалык көтөрүлө элек эле. Ал өзгөчө куунак.

«Жайлоонун көркү турбайбы,
Саймадай гүлдөр ачылса.
Жигиттер күлкү салбайбы,
Эриккен кыздар чакырса.»

Дилбардын бул үнү созолонуп, тээ алыска-алыска тарады. Балким, анын үнүн ак мөңгүлүү Памир тоолорун мекендеген аркар, кулжа угуп жатпасын?..

Анда-санда жерден таш алып ыргытса, суйсалган узун чачы булак этип, кымча белине ороло түшүп жатты. Чиркин сулуулук! Ботонун көзүндөй жайнаган анын көздөрүнө жарашык берген ак жүзүнө, келишимдүү мүчөсүнө ар

кандай жигит суктанып, ээрчий карап, магниттей тартылып турбас беле!?..

Ал азоо тайдай туйлап, түзөңдөгү кичинекей көк дөбөгө чуркап чыкты. Алай өрөөнүн кумардана карады.

Кызыл-Суунун аркы өйүзүнөн Ак-Киндикти көздөй кетип бара жаткан жалгыз адамдын караанын көрүндү. Бул үмүттүү түйшүктөн арылбаган Анар эне эле.

— Олдо бусурманым, ошол тура, эми кайда барат десең? Үйүнөн биротоло безип алыска сапар тарткан го. Же тиги тоого барып учуп өлөйүн деди бекен? Жок, жок, антпесе керек! Анте койбос... Мүмкүн... Эми кандай кылсам! Дарыядан өтүүгө да болбойт. Үйгө барып таятама айтсамбы? Баса, ал дагы Гүлчөгө кетпеди беле!

Ичи туз куйгандай ачышты. Көзүнөн каканактап жаш кулады. Жүрөгү өрөпкүй согуп аптыкты. Дөбөдөн акырын түшүп, беш-алты кадамча колун серепчилей басты да, анан күчүнүн барынча жүгүрдү.

Мелмилдеген түзөңдөн жакын эле көрүнгөнү менен караан али алыс эле. Дилбар чуркай берди... Чарчап, солуй оозун ачып, көкүрөгүнө колун коё койду да жай кадамдай баштады. Бир аздан кийин муундары калтырап, жер таяна олтура кетти. Эки бети көгөрө түшүп мурдунан кан түтөктөп акты. Түтөгө түшкөндүгүн сезип, кере-кере дем алып, колун жогору төмөн түшүрүп, аракеттенип жатты.

Алай өрөөнү өтө бийик болгондуктан аба сейрек. Жүрөгү начар адамдар кымыз, же ичимдиктен татып койсо эле түтөгүшү белгилүү. Ансыз деле катуу жүгүргөндө ар кандай эле адам жеңил түтөгүүгө дуушар болбой койбойт. Чынында Дилбар өрөөн менен али сырдаш боло элек. Таята, таенесине көнүгүп, Сары-Ташка келгенден бери өрөөндүн мейкиндигин аралаганы ушул. Ал адеп келген жылы чыгыштан батышка көздөй созулуп жаткан өрөөндүн кеңдигине, тоо башынан жайы-кышы кетпеген ак кар, көк музга таңдана турган. Тоолордун, жылгалардын арасын аралап, өрөөндү кумары канганча кыдырып көрүүнү эңсеген.

Мына азыр дал ошол өрөөнгө төшөлгөн бетегеде олтурат. Анын мурдунан аккан кан тал-тал болуп желпинген бетегенин бир гана түбүн боёду. Аккан кан токтоду. Чөнтөгүнөн кол аарчысын алып таноолорун тазалады. Күбүнүп, кагынып ордунан турду.

Эненин карааны көрүнбөйт. Ал узап кетти. Мүмкүн көздөгөн жерине жеткен чыгар.

Дилбар күрп-шарп этип толкундуу агып жаткан Кызыл-Суунун аркы өйүзүнө көз чаптырып үшкүрүп койду. Анан тоого карап кабагын чытыды. Арадан бир канча убакыт өттү. Дилбар суз тартып үйүнө кайтты. Согушка чейин Сары-Таш шандуу да, көрктүү да эле. Азыр андагысына такыр окшобойт. Заңкайган эки имаратты эки гана үй-бүлө ээлейт. Сыртынан караган адам бул имараттарда эч ким жашабаса керек деп ойлошу мүмкүн. Шар суунун боюндагы гараж да жупуну. Ооба, гараж жымжырт, бир кездеги техниканын күүлдөгөн добушунан ажыраган. Бир гана чиркелүү грейдир сүйрөгөн «КД-85» маркасындагы трактор эртеден кечке дейре чөккөн нардай кыймылсыз.

Байыркы бир убакта бул жердегилер Кашкарга каттап, алар менен алгы-берги кылып мамилелешип туруучу Эркеш-Там тарапты көздөй кеткен жалгыз аяк жол. Совет бийлигинен кийин автомашина жүрө турган чоң жолго айланган эле. Мына бул жол да бүгүн өңгүл-дөңгүл болуп бузулган. Дилбар дал ушул жол менен чакан кыштакты аралай кирип келди. Чал-кемпирге көргөнүн төкпөй-чачпай айтып берди.

## 4

Түйшүкчүл эне Ак-Киндикке жылдыз чыкканда жетти. Чыныгы сыйына турган жери ушул. Бул жерге сыйынууга жөнөр алдында өз пикирин Аптапка айткан. Эзелтеден «Мазар» аталып калган жерлерге түнөп-күнөп сыйынуу алар үчүн парз.

Анар эненин мазарга сыйынуу үчүн биринчи жолу жал-

гыз келиши. Бул кичинекей дөңсөнүн Ак-Киндик делип аталып калышынын себепчиси ак боор таштар. Бул дөбө кенен түздүктүн дал ортосунда, кудум эле ушул өрөөндүн киндиги сыяктанып турат. Илгери муну Таш-Мазар деше турган.

— Э, алла! — деп эне жакасын кармап, дөңсөөгө качандыр бир убакта тургузулган кичинекей күмбөзгө карап, жалынып-жалбарып жатты,— касиетиңден айланайын Таш-Мазар, тилегиме аралжы болор бекен деген зор үмүт менен келдим. Касиетиң бар болсо Аскарымды колдо! Анын жүзүн көрөйүн, анан жанымды алсаң мейли!

Он бешине толгон ай чыга келди.

— О, балбылдаган сулуу ай! Мен мазарга келгенимде көрүнө калганыңды! Энеде жылмаюу пайда болду. Бырыштуу жүзү жазыла түштү.

— О каралдым, жалгызым, жибектей созулуп гана жүрчү эмес белең. Теңтуштарыңдын арасынан күлкүң угулса элжирей түшөөр элем го... Энеге уулунун жүрүш-турушу, кылык-жоругу күнү бүгүнкүсүндөй элестеди. Көзүнөн жашы тамды.

Ай булутсуз асманда сапарын улантууда. Эне чапанын чечип, анан түйгөн боз түйүнчөгүн чаначтагы суусунун жанына коюп, тезек тере баштады. Түп-түз болуп созулуп жаткан айдарым талаадан топ-топ болгон жылкынын тезектерин картаң эне айдын сүттөй агарган жарыгында араң таап жатты. Эски көйнөгүнүн этеги толгон сайын чапанынын жанына төгүп, үчүнчү жолкусунда узап кетип тезек төккөн жерин таппай калды.

— Олдо карылык ай!

Акыры табылды.

Тезегин төктү. Анан тегеректей калап, чапанынын чөнтөгүнөн ширеңкесин алып тамызгы коюп тутантты. Жалындап от күйө баштады.

— Олдо буруксуган жаныбарай,— деди тезектеги бетегенин жытын сезген эне,— кудай кечирсин!

Түтүн сыдырым соккон жел менен чубалып барып жок

болуп жатты. От боюндагы эне тоого-ташка жалынып-жалбара берди. Табият да бүгүн эненин мээримине окшоп мемиреди. Анда-санда чаң учуруп соғо калуучу шамал да бүгүн тынч.

Эне азыгын алып жай тамактанды. Далайга тунжурап олтурду да теспесин тарта баштады. Мына ушул саналып жаткан теспеге окшоп өмүрү да өтүп жатты.

Жалын бастап, чок өчө баштады.

Үргүлөп уктап бара жаткан эне селт этип көзүн бардап ачып, анан отко тезектен салып койду.

Эне жайдын кыска түнүндө от жагып, теспе тартып чыкты. Торгойлор сайрап, таң сүрүлө баштады.

5.

Күн төбөдөн өткөн мезгил.

Калыбай аке колундагы таягын таяна олтура кетти. Аңгыча анын жанына машина келип токтоду. Кабинадан Дилбар суурулуп чыкты. Ал кечээги жаандан улам кыян бузуп кеткен жолдун оңдолгон жерин карап, таятасынын кайратына ыраазы болгондой жылмайып койду.

— Таята эмне иш кылайын?

— Кетменди алып арыкка толгон шагылды бошотчу. Бул арык менен кышында Катын-Арт дабанына кардын жазгы эриндиси, жазында жана жайында жаан-чачындын саркындысы агып өтөт.

Калыбай аке талыкшып олтура алган жок. Күрөгүн алып Дилбардын жанына барды, бир азга карап туруп, анан бошогон шагылды ыргыта баштады.

— Э, кызым,— деди күрөгүн таяна токтоло калып,— апаңдар демдүүбү? Турмушу жакшы бекен?

— Жакшы эле, салам айтышты.

— Саламат болушсун.

Небересинин көңүлсүз жооп бергенинен улам, анын капа болуп турганын сезген карыя андан ары суроо бергиси келген жок.

«Олдо, балам ай, апасын көрүп атасы эске түштү бекен?! Тирүүлөй энеден ажыратып, көпчүлүккө келген апаат болду го!» — деген ойго аралашты.

Калыбай менен Дилбардын жаз жана жай айларындагы түйшүктөнүүлөрү ушундайча өтөт. Ооба, алар жолдун сел бузуп кеткен жерлерин оңдоо менен алек болушат. Сары-Ташта тез-тез эле нөшөрлүү жамгыр жаап, мындай абал кайталана бере турган көрүнүш. Ал эми кыш айларында болсо Катын-Арт ашуусундагы ийри-буйру жолго кум чачышат. Антпесе, ашуунун тик жолунан машина авария болушу мүмкүн.

Бүгүн алар кеч кайтышты. Калыбай он жылдан ашык убакыттан бери Памир жол курулушунун Сары-Таш участкасында жол оңдоочу болуп иштейт. Алтымыштын кырына барып калган...

...Аптап эже кечки тамагын бышырып бүтүп күтүп олтурган эле. Жумуштагылардын кээ бир күнү кеч кайтыша тургандыгы белгилүү.

Дилбар менен Калыбай аке ээрчише кирип келди. Чыдамсыздана күткөн Аптап:

— Тамактанып алгыла,— деп алдыларына дасторкон жайды. Аптап кызын — Гүлайымын сураштырып олтурду. Ал небересинин капалана калып жатканын сезген жок.

— Жума акаң баягы эле ишинде иштеп жатат бекен?

Алайлыктар өгөй атасын «Ака» деше турган. Дилбар бул суроого жооп берген жок. Кабагын чытып жер карады.

Калыбай Аптапка акырая карап койду. Экөө бири-бирин тиктеп тим болушту.

— Кызым орун салчы,— деди.

Дилбар үй ичин жыйнап, казан-аягын орундарына иреттеп койду.

...Орун даярдалып, үй ичи тынчтыктын кучагына тартылды.

Ак сүтүн берип асыраган эне жытына не жетсин. Дилбар Гүлайым апасынын эшигин аттап, аны менен кучакташып көрүшө кеткенде солкулдап ыйлап жиберген. Ал

өгөй атасына кайдыгер гана саламдашып, «жакшысызбы» дегенден башка жүрөгүнөн жаралган жылуу тартылуусу болбоду.

Ырас, ага бетме-мет маңдайлаша калганда кан майданда каза тапкан өз атасы Болотбек көз алдында кадимкидей тартылды.

Буга ким күнөөлүү?!..

Дилбар аны билип турса да өгөй атасы ага кандайдыр жат, аянычтуу адам сыяктанат. Өзгөчө апасы менен бир төшөктө жатып, күбүр-шыбыр болушуна ызаланды.

Бүгүнкү түнү Дилбар ошол ызалануусун эстеп, качанкы бир учурдагы атасынын эркелеткендерин элестетип, ар кайсы ойго аралашуу менен кеч уктады.

### 6.

Таң атты.

Анар эне сыртка чыгып күндүн чыгышын күтүп алды.

— О, касиеттүү күнүм, ааламды жарыткан касиетиң менен мени да жарытар бекенсиң. Душманга тар, бизге кең бол. Күн-күнгө уланып, күн сайын элде тынчтык болсун. Касиеттүү күнүм чач нуруңду, чача бер бүткүл жыбыраган жандууларга...

Эне өрөөндү карады.

Аскар ушул өрөөндө душман менен салгылашып, көптүн арасында башы-көзү жарылып канга боёлуп жүргөндөй болуп көз алдына тартылды.

Илгери урууларлын чабышуулары ушундай боло турган. Калт-калт этип, башы тегеренип олтура кетти.

— Э, алла баламды кудай сактасын!

Эне оюн жыйнап кагына ордунан турду да, үйүнө кирди. Казанда кайнап жаткан сууга чай демдеди.

Үй ичин шыпырып-сыйрып тазалады.

Терезеден тийген күндүн нуру дубалдагы илинип турган Аскардын сүрөтүнөн өтүп, улам оң капшытты көздөй жыла баштады.

376218

Дилбар кирип келди.

— Кел тегеренейин, эки-үч күн көрүнбөй калдың, бир жакка бардыңбы?

— Жок, эч жакка барганым жок. Базар күндөрү Дилбар ары-бери басып көңүл ача турган. Эненин үйүнө да бир убак келип кетүүчү. Бул жолу апасы Гүлайымдыкына барып, өгөй атасы менен таанышып келгенин айткысы келген жок.

Эненин казан-аяк жагына көз жүгүрттү.

— Сууңуз түгөнгөн тура,— деди да, эски тыгындуу эки чакасын алып суу көтөрүп келди.

«Бактың ачылып, Аскарым келип калса... Аз да болсо урмат сыйыңарды көрүп анан...» — деди Анар эне өз ичинен чакаларды орундарына коюп жатканда.

Чынында ачык айтпаганы менен өз ичинен тынып, Дилбарды өзүнө тартып жүрчү. Кээде баскан-турганына көңүл бөлүп, мүнөзүн жактырып жалына турган, Дилбар анысын көп байкачу эмес. Бирок, жаштык эңсөөсү кайдадыр алып учуп, жүрөгүндө кимгедир жаралган сүйүү эпкини бар эле. Аны кезегинде кимдир бирөө жалындатмак.

Эне Дилбар жөнүндөгү оюн эч кимге айткан жок. Аскарынын келиши менен ачылмак.

...Ооба, Дилбарга айтпаса да анын таенеси Аптапка айтып сырдашса, ал бул оюна мүмкүн кошулмак. Жок, айтпайт. Анар эненин тубаса мүнөзү дал ушундай. Өзү ойлогондой уулу али колунда эмес. Өмүрүнүн ушул күнүнө чейин мындай ой-максаттардын эчени пайда болуп, эчени жабылуу бойдон кеткен. Ал эч качан өз пикирин ортого салып, же башка эле сөздөр менен эбиреп-жабырап бирөө менен сыр чечише сүйлөшкөн жан эмес. Бирөөдөн кандайдыр бир сөз укса, эч кимге айтылбастан өз ичинде сакталып кала берүүчү. Кай бир одоно айыптуулукту көрсө айыпкерге оң сөзүн айтып кана тим болучу.

...Эне бул жолу эмнегедир атайлап сөзгө өттү. Эмне-

гедир Дилбар менен чечилише аңгемелешти. Башынан өткөргөндөрүн айтып жатты.

— Чоң эне,— деди баятан бери уюп угуп олтурган Дилбар,— ал кезде чынында жашоо оор болгон экен ээ?

— Ооба, анда заман ошондой болгон. Жардыга байлар кайдан жардам бермек эле. Бир ууч талканы үчүн да бир күндүк жумушуна иштетип...

Байымдын көзү жумулгандан кийин жесирликтин оор, азаптуу күндөрүн мына ушундайча өткөргөмүн балам... Эне сүйлөп жатты. Дилбар ойго аралаша түштү.

«Өлүм... Таза эле жүргөн адам күтүлбөгөн ич ооруга чалдыгып... Ооба, ал учурларда догдур жок... Садык деген жигиттин ичегиси түйүлүп, аны догдур «союп» сакайткан. Жарым саатка кечиктиргенде, жок андан деле кыска убакытты айткандай болбоду беле. Дал ошондой болгондуктан мурт өлгөн чыгаар... Байкуш Аскар аке, бир жашынан атасыз, жетим өскөн...»

Дилбар эненин бырыштуу жүзүн таңыркагандай карады. Өңүнөн оор аянычтуулук сезилип турду.

— Үх, кудай пендесин өзү жаратып, өзү алат турбайбы! Өлөм деп өлө албай, жашайм деп жашай албай кудайдын эркине байланган пендебиз да! Жетимди жетилтип эми күнү-күчүн көрөр маалда согуш каргаша болду!

Эненин өңү өзгөрө түштү.

— Чоң эне кейибеңиз, кайрат кылыңыз, фашисттер жеңилип, аскердегилер баары келишет.

— Ооба, тегеренейин ошентишээр... Биздикилер кууп баратышат дешет го. Пачисти түбөлүккө чым астына көөмп кайтышса экен.

— Чоң эне мен үйгө барайын?

— Бар тегеренейин.

## 6.

..Бул конушка эне бүгүн дагы тезек терүүгө келди. Мындан бир ай мурун Талдык дабанынын ары жагындагы кай-

сы бир колхоздун үйлары бир айдан ашык туруп, анан Кашка-Суу тарапка көчүп кетишкен. Эне быйылкы кышка ушул жерден отун камдамакчы. Анын ар жылкы күзгү гүйшүгү ушул.

Көк-Булак, Сары-Таштан бар болгону бир чакырымдан ашыгыраак гана алыс турат.

Эне бул жерге бүгүн эле келген жок. Эки жумадан ашыгыраак убакыттан бери мындан тезек терүү менен алек болот. Журтка топтоп койгону бериси эки машинанын жүгү болорлук. Бүгүн чыптасын беш жолу капортолото төктү.

Күн төбөгө жакындап эненин үйүнө кайтаар маалы болуп калды. Шылдырттап агып жаткан булак суусунун боюна барганда жети таш оодарды. Ооба, жети таштын соо-бун алып, ным кучактап жаткан бетинин тилегин орундатты.

Калыбай бүгүн Чоң-Алайга, же Хорог жакка жүк түшүрүп кайтуусу тааныш шоферлор жолукса эненин топтогон тезегин үйүнө жеткирмекчи. Анын коңшулук жардамы ушул.

Дилбар дагы келет...

Эне алардын келишин күтүп олтурат.

## 7.

Кыш...

Терезенин айнектерин жулуп алчудай болуп, ызырынып, ышкырынып, соккон шамал кыштын каардуу күбөсү сыяктанат. Түн бою жааган кардын тозоңун учуруп, алай-дүлөй болуп айлана тумандоодо.

Үй ичинде жалгыз кыймыл, көңүлсүз тиричилик... эне тезекти илегендеги соляркага малып, мешке жагып койду. Темир мештин эки капталы кызарып, чакан үйдүн ичи ысып чыкты. Улам-улам чай уурттаган сайын ысык булоо эненин чекесин нымшыта берди.

Дасторкон жыйналды.

Эне ийик ийрүүгө өттү. Кыргыздын нагыз турмушун элестеткен бул ийик... Ооба, ийик алакан менен чимирилгенде элпек манжалар түйдөктү жүлүндөй чубап, созолонтуп чыйрата берди.

Эненин кышкы иши ушу.

Ал эми анын коңшуларычы?

Алар да өз жумуштарын аткаруу менен алек. Калыбай аке жылуу тон кийип, күрөгүн алып, бороон токтоор замат жолго чыгат. А береги тракторист Султан бульдозёрун гүрүлдөтүп жолдун ширенди урган жерлерин ачууга киришет. Аркы четки үйдөгү Абдырахман карыя болсо гаражга кароол. Анын жумушу ошол.

Мына ушул үч-төрт үйлүү адам закондуу милдеттерин өздөрү гана аткарат. Булардын жол мастери Талдык даванынын ары жагында Ак-Босогодо, ал күн алыс келип, аткарылган иш менен таанышып, мындагылардын ар кандай муктаждыктарын колунан келишинче камсыз кылып турат. Антпесе Ак-Босогодо жумуш аз эмес да.

...Жердин көркү эл деген сөз — сөздүн төрөсү тура. Эртең мененки жумушка бараткан Султандын тракторунун добушу басылгандан кийин Сары-Ташта жым-жырттык өкүм сүрөт. Жадегенде ит да үрбөйт. Заңкайган үч үйдүн үч морунан гана кезек-кезек менен түтүн булайт.

Бул үч түтүндүн бири Анар эненики. Эне үчүн кыштын узун түнү ийиктин айланышы менен жарышкандай сезилбей өтө берет. Убакыт дал ушинтип өтөт. Өмүр да ошентип өтөт, сезилбейт.

Күүгүм кирип чырак жандырылды. Эне ийигин өз ордуна коюп, казан асып, куймак куйду. Анын учурдагы жакшы тамагы ушул.

Даярдалган тамагын алдына коюп шыбырай баштады. Далайдан кийин алаканын жайып: «Аскарымды арбагынар менен колдоп, жөлөп жүргүлө»— деп бата кылды.

Бул ата-энесинин арбагына арнап окуган кураны. Ушул учурда сырттан мурутчан өзбек, орус жигитти ээрчите кирип келип, тааныган адамча саламдашып, анан күбүнүп-

кагынып төргө өттү. Эненин жанына олтурду. Орус жигит таңыркап туруп калды.

— Кел, жогору өтөгөй — деп эне төргө карай жаңсады.

— Шофёрлордун өңдөрү кубарыңкы.

— Куймактан алгыла тегеренейиндер.

«Олдо оор күндөр ай! Бир жагынан согуш кайгысы, бир жагынан катаалчылык жашоо кайгысы. Минтип алыскы тоо арасындагы калкка азык-түлүк, кийим-кече жеткирбесе да болбойт эле го... Ооба, жолдо да, шофёрдо да айып жок... Согуш болбосо бул жолдор оңолуп...»

Орус жигит мына ушундай ойго аралаша түштү.

Мурутчан адам эне менен түндүн бир топ убактына чейин сүйлөшүп олтурду. Орус жолдошуна анда-санда бурулуп, анын суроосун канааттандырып, анан энеге кайрылып сөзүн улантып жатты...

Шофер армиядан жарадар болуп кайткандар жөнүндө сөз козгогондо эне бардык күпту менен укту. Кээде үмүттүү ойго аралаша түшүп жатты. «Ошентер, менин Аскарым да келип калар!..»

...Анар эне бул түнү кирпиктүү көзүн ирмеген жок. Түпсүз ойдун тереңинде чабак уруу менен таңды атырды.

... Эне үйүнөн коногун узатты. Болгондо да жолоочуну...

— Мына жашоо ушинтип өтөт,— деди эне,— шопурдун күнү ушул.

Булар эненин Аскар кеткенден беркі кышкы, экинчи жолку түнөгөн коногу эле. Сыртка чыгып Талдык тарапты карап үшкүрүнду.

Жер үстүндө токумдай да кара жок, кадимки чарадагы сүт. Как эткен карганын добушу угулбайт.

Калыбайдын жалгыз уюнун добушу угулду.

— Мөө-өө-ө-ө!

Ал сарайынан чыгарыла элек, ачка.

Гараждан трактордун үнү чыкты.

Кезектеги ишке багыт алды, Калыбай менен Дилбар да аны ээрчий жөнөштү.

Эненин ар күнкү көз алдынан өткөргөн жандуу карти-

пасы ушулар. Ооба, көргөн сайын, уулум келсе, ушулардай жолдо иштеп жүрсө кана деп көңүл улайт...

## 8.

Тоо чокуларындагы ак мөңгүлөр гана көзгө урунганы болбосо береги өрөөндө токумдай да кар жок. Өрөөн күн өткөн сайын көркүнө чыгып, жамынган жашыл килемин гүлдөр менен саймалап коздой баштады.

Бүгүн демейдегидей асман ачык. Күн асман мейкиндигинин дал ортосуна жетип, жылышын акырындатып бүлбүлдөйт. Жер бетиндеги жандана түшкөн тиричилик кыймылына ыраазылыгын билдиргенсийт. Сыдырым соккон жел абдан жагымдуу.

Дилбар кадимкисиндей көңүлдүү кадам шилтеп кең жолдо бара жатты. Ал Анар эненин эшигин аттар замат: «Чоң эне сүйүнчү бериңиз?!— деди, кубанычын көөдөнүнө батыра албай:

— Болсун айланайын!

Эмиле колуна алган шиленкесин шырк эттире жерге түшүрүп ийип, Дилбарды кучактап өөп-өөп жиберди.

— Аскар келе жатат бекен, кайда?!

Эне тышка чыгууга обдулганда:

— Чоң эне,— деди Дилбар,— фашисттер жеңилиптир! Согуш басылыптыр...

Эне көңүлсүз, шалдая түштү. Кубанычын бирөөгө тарттырып жибергендей болду.

— Чоң эне, эми аскердегилер келет.

— Келишет, ооба... менин Аскарым да келет. Ошентет.

— Ооба, чоң эне, келет, келип калат!

— Оозуңа май тегеренейин! Айтканыңдай болсун деги оңбогур пачис жеңилиптир, болуптур. Эми тегеренейин сага эмне берсем экен?

— Жок, жөн эле коюңуз чоң эне.

Дилбар чоң эненин жүрөгү жарыла тургандай болгон кубанычынын мээлүүн боло калганына өкүнүчтүү болду.

Эх, чоң эне, Аскар акенин келишин сүйүнчүлөп келген болсом не!?. Ооба, балким ошентермин. Анда...

Чоң эне сандыгынан жакшы ниети менен катып жүргөн кулак сыргасын алып:

— Мына тегеренейин, ушуну чоң энем берди эле деп тагынып жүр.

— Коюңуз чоң эне, коюңуз!

Эне Дилбардын кулагына тагып койду да, жылмая карап алды. Ушул жылмаюудан анын чексиз үмүтүн байкоого болот эле.

## 9.

Эне береги жолдун оң жагындагы жалгыз дөбөдө Ош тарапты анда-санда карап коюп олпок салынып олтурат.

Күн тоодон көтөрүлгөндө олпогун ала чыгып, түшкө чейин тиги дөбөдө олтурганы олтурган. Түштөн кийинки жумушу башка.

«Эки үч айдан бери ар кайсы жерден аскерден келгендер көп эле болуп жатат. А, менин кулунум неге кечикти? Бир буту... мейли деги эсен келсе болгону. Э, кудай тилегимди бере көр!»

Эненин күн сайын күтүнгөн ою ушул гана.

Тигине, Катын-Арт ашуусуна бир машина көтөрүлдү.

«О, мээнетинди алайын, ушуну менен келип калса не!..» Эне ордунан туруп, жолдун таманына келип тык токтоду. Катуу келе жаткан жаңагы машина акырындата берип токтоду. Кабина ачылды.

«Олдо, орус тура, кыргыздын тилин билет болду бекен»— деп ойлоду.

— Э, балам, кайдан келе жатасың?

Шофёр бул суроого башкача түшүндү. Башын ийкеп макул дегендей болду да, кабинанын олтургучун көрсөттү. Эне кабинага чыкты. Олтурар замат шофёр машинаны жүргүздү. Эне ошол замат шофёрду колунан тартты.

— Тегеренейин кайда алып барасың? Мен барбайм, эч жакка барбайм, эшикти ачып кой, түшөм — деди.

Шофёр аң-таң болуп, ийинин кысып койду да, энени түшүрдү. Жүрүп бара жаткан машинаны ээрчий карап, кайта артына бурула берерде, дагы бир машина келип токтоду.

— Эне кайда барасыз?

— Эч жакка барбайм, ботом жанагы орус шопуруң удургута жаздабадыбы, кыргыздын тилин билбейт окшойт.

— Эмнени сурамакчы элеңиз?

— Убактың барбы тегеренейин, машинаңды бир тике дем алдырсаң, бир нерселерди сурайын дедим эле.

Кырма сакал болгон кыргыз жигиттин көрүнүшү Анар эненин көзүнө жылуу учурады.

— Оштон келе жатасыңбы?

— Ооба.

— Андай болсо алиги пачис ойрон болгур өлүптүр дегени ыраспы?

— Ырас, ал өлгөн,— деди жылмайып. Шофёр эненин оюн эми түшүндү.

— Ырас болуптур, балам ошондон сөз козгоп берчи? Шофёр кабинадан түшүп, жай олтуруп энеге сөз баштады.

— Аскерге кеткен уулуңуз барбы?

— Ооба тегеренейин...

— Аскердегилердин баары келишет. Кайратыңызды жоготпоңуз, ар жерден келип жаткандарды угуп жаткандырсыз?

— Угуп жатам, ал тургай учурашып да келдим. Бирок, эмнегедир менин кулунум келбей жатат...

Эне ыйлап жиберди.

— Ыйлабаңыз эneke... Фашисттер талкаланды, жеңилди; эми согуш болбойт. Уулуңуз болсо келет, ал балким келе жаткан чыгар. Андан кат келип турчу беле?

— Эки-үч жылдан бери кат келбейт... Андан мурда кат алып тургамын.

Шофёр ойлоно калды.

— Келет эне! Капа болбо, уруксат бериле электир,— деди. Андан ары сөзүн уланткысы келген жок...

Эне олтурган жеринде турган боюнча шофёрду узатты.

Ошентип Анар эне күн сайын жол карап уулунун келишинен үмүтүн үзгөн жок.

## 10.

... Арадан беш жыл өттү. Жолоочулардын айтканындай болбоду. Мына согуш аяктагандан берки бешинчи жылдын жазы келди. Эне айланасына көңүлсүз карап, суз...

«Силер да тилегиме аралжы боло албадыңар!»

Өзү оодарган таштарга өчү бардай карайт.

Ооба, эне «жаратканга» өмүрүндө биринчи жолу тил тийгизди. Бир кезде чыныгы сыйкырдуу күч табиятта деп ойлогон. «Палан жердин ээси бар, түкүндөй мазардын касиети күчтүү»— дешсе чыныгы дитин бөлүп ишенген. — «Кудайдан астейдил тилесе, пендесинин тилегин берет. Кудай кыбыр эткен жанды көрүп турат, ал бакыл эмес, жеткен ырайымкеч» деген молдонун айтканын ушул күнгө чейин унута элек.

Далайга тунжурап, жер карап, ойго батып олтурган чоң эне ордунан туруп, тоого карап күңгүрөнө баштады.

— О, түгөнгүр, молдо! Сенин айткандарың чын болсо адамды — мени жараткан кудай боор ачыбас беле?!

Чоң эне жерден таш алып мыжыга кармап Ак-Киндик тарапка бурулду:

— О, Таш-Мазар! Сен адамдын чыныгы душманысың! Сага сыйынып үмүт күткөн адам акмак, өлсөм сөөгүм да сага ишенбейт!

Бул, чоң эненин күткөн үмүтүнөн түңүлүп, уулун угузган күндөгү жер көтөрө алгыс кайгысы эле... Уулунуң өмүрүнүн кыйылганы — эненин «жетимиш эки» тамырынын кыйылганы эле...

— О, тегеренейин адамдар! Мен сыяктуу болбогула, мен сыяктуу жокко ишенбегиле! Ишенбегиле!..

Алай өрөөнүндөгү жаздын уйгу-туйгу шамалы жүрө баштады.

— О, каардаган шамал! Менин каарым сеникинен кем бекен? Сен мага каардан! Мен сага каарданам! Менин бүгүнкү кайгымды бүткүл ааламга, адамдарга тарат?! О, касиеттүү адамдар! Жер үстүнөн динди, согушту алып ташгагыла! Бул силердин таалайыңардын душманы! Мындан артык душманыңар жок!

Таякчан эне тоого карай албууттанып сапарын улантты...

## АШУУДА

Турмуш биринде өйдө, биринде ылдый. Адамдардын баарында эле бирдей болуп калбаганын», Акмат ушинтип ойлоду. Таңдын атышы менен аялынын кандайча чыр салаары белгилүү. Ооба, Жалжалдын машина сатып алалы деп Акматтын тынчын ала баштаганына туптуура алты айдын жүзү болду. Анда жаз айы өкүм сүрүп, айлана жашыл тукабасын жамынып, мөмөлүү дарактар гүлдөп турган кези эле. Азыр күз күчүнө келип, эгини жыйналып алынган береги талаалар айдалган. Тээ алыстагы тоо этектери саргайып өзгөчөлөнгөн боёк сүртүнгөн. Беде аянттары гана жайкы сулуулугун жамынып, жашыл түрүн өзгөртпөгөн. Акмат жаратылыштын ар түркүн көрүнүштөрүн адамдардын жашоосуна, өмүрлөргө салыштыра кыялданды. «Баса баары эле тиги жашыл талаалардай болуп калбайбы. Өмүр да ошондой болуп, буруксуп, жаштыгын, жыпар жытын өзгөртпөй өтө бербейби?!.. Акматтын кыялдануусу тык токтоду. Машина алабыз, сөзсүз алабыз,— деп Жалжалга берген убадасы аны башка тарс-тарс эттире уруп жибергенсиди. Убада боюнча базарга мал сатуу керек эмес беле. Баса, мал дагы арзандап кетти... Жок, ант-

пейли, кышта саталы. Ага чейин жакшылап багалы»,— деди оюн жыйынтыктап. Анан мемиреп уктап кетти.

* * *

Чоң жолдун эки жагындагы тизип койгондой катарлашып, бой тиреше өскөн мырза теректер шамалга ыргалып, тээ бийиктеги көк деңиздей мелмилдеген асманга сайылып тургандай болуп көрүнгөн бутактуу учтары ийиле-ийиле түшүп, кимгедир жүгүнүп, таазим кылып жаткансыйт. Шамал күүлөгөн бутактарынан чыккан үн тоо суусунун шарындай добуштанат. Акматтын үйү ушул кең көчөнүн дөңсөөгө таяна беришиндеги бурулушунда.

Жалжал эрте туруп, базарга сатылуучу мала кашка уйду саап, торпогун кошуп коё берди. Анан үйүнө кирип, сүттү чыпкалап, кош кулактуу сыр чакага куюп жайына койду. Балдарын тургузуп кийиндирди.

— Сага эмне болду, балдардын уйкусун бузуп, тынчын алдың?— деди Акмат сырттан кирип келип.

— Ие, эрте турушса жаманбы, карыялар айткандай эртең мененки ырыскыга шериктеш болушсун. Баса, базарга бармакчы эмес белең, ыбырсып дагы эле жүрөсүң да, кеч калбадыңбы,— деп Жалжал Акматка кайрылды.

— Мал арзандап кетиптир, кышка барганда семиртип анан сатабыз. Ага чейин семиртип багабыз.

— Мына, айтпадымбы, кечигип калыптыр, базарга баргысы жоктой деп ойлодум. Деги бир нерсеге түшүнөсүңбү, мындан ары мал кымбаттабайт, арзандаса арзандайт. Анамына деп жүрүп эки жума өткөрдүң. Максатың машина алышпы, же жокпу?

— Алганда шартына караш керек да, убакты сааты чыкканда алабыз, эмнеге шашабыз.

— Шашпаганда кыш түшүп, малды арыктатып алып анан сатмакчысыңбы. Сенин оюңду билдим. Кана бүгүн уйду базарга алып барып сатпачы көрөйүн. Качанга чейин

Леннга жалдырап жүрөбүз. Андан сенин эмнең кем. Ал деген колхозчу. А сен мугалимсиң...

Жалжал зиркилдеп оюна урунгандын баарын айтып жатты.

— Токточу, сенин мүдөөң машина алыш элеби, андан башка максатың жокпу, машина алсаң эле жаның жай алабы?

— Бүтөт, жай алат. Жамынчымды сатып болсо да машина алам.

— Жай алса алсын, жаның тынсын. Болуптур кулакты тындырчы деги.

* * *

Күн тоодон көтөрүлө баштаганда Зире атайлап кирип:

— Жеңе машиналуу болупсуздар, кут болсун!— деди ак көңүлү менен тамак жасап жаткан Жалжалга жайдарылана карап.

— И-и, бизден башкалар машина ала албайт дедиң беле, кудаага шүгүр, машина алдык,— деп каарыды.

— Кут болбосо жут болсун, э кыялыңды таш баскыр, эмнеге эле заарыңды чачасың — деп Зире эшигин тарс жаап чыгып кетти.

— Сени эле таш бассын, сенден эле жутчулук кетпесин. Муну көрбөйсүңбү, туздап сүйлөгөнүн. Өлүкканаңды көрөйүн таакы...

Жалжал зиркилдеп, артынан жүгүрүп чыгып, адатынча шаңкылдады. Зире көңүл бурган жок. «Жообун нак алдыңбы, жүлүнүңдү какшата койдумбу»,— деген ойдо үйүнө кирип кетти.

* * *

Акматтын машина сатып алганы айылдагылардын бирине да жакпады.

— Он миң сомго эскилиги жетишип калган «Волганы» алганча жаңы эле «Москвич» албайбы.

— Элден ашыкча жашап жаткан деле жери жок. Андай машина сатып алыш көңүлүндө болсо бир-эки жыл акча топтогондо жакшы болмок. Бирин-экин малы жанында калат эле.

— Э малын айтасыз да, угушума караганда көбүрөөк карыздар болуптур.

— Анда шору катыптыр.

Эки адамдын башы кошулган жерде Акмат туурасында ушундай сөз козголот. Бири туурасын айтса, дагы бирөөсү мыскылдап кеги бардай сүйлөйт.

Акмат машинаны сатып алган күндүн эртеси эле коңшу жашаган шофёрду макулдатып, ээн талаага чыгышып, эртеден кечке аракеттенип ылдамдыкты алмаштырууну араң үйрөндү, рулду башкарууну анча-мынча билип алды. Арадан үч ай өткөн соң кадимкидей айдап, ары-бери каттап жүрө баштады.

— Базарга баралы десе болбойсуң, жакшы эле айдап калыпсың го,— деди Жалжал эшик алдына келип машинасын токтотткондо.

— Али базарга барууга болбойт, жол эрежеси деген бар, аны үйрөнүш керек. Атайылап окуп, машина айдаганга укук алгандан кийин гана каалаган жагыбызга бара алабыз.

— Анда оңой турбайбы, оку. Токточу, тагамын баласы окубай-нетпей эле машинасын минип, базарга барып жүрбөйбү. Антип мени алдай албайсың. Эртең жок дегенде Эски-Ноокатка барып келебиз.

— Барганда эмнени, кайсы акчаңа аласың?

— Ачууланба, жакшы ниетте болсоңчу. Балдарыңды олтургузуп алып базарга барууңа не жетсин. Тиричиликке керектүү буюм-терим алабыз.

Акмат Жалжалга көңүлсүз карады. «Эх, түшүнбөйсүң. Баягыдай кеңири ичип, жеп, тандап кийим кийишиң жоголот», деген пикир оюна кылт этти.

Ушул күнү Жалжал негедир жакшы уктай албады. Анын кыялында Кызыл-Кыя, Фергана, же Ош шаарына

барып тек гана сейилдеп келүү турду. Муну өзүнчө бир ырахат, бакыт деп эсептеди. Ошентип, ар кайсыны бир ойлоп көпкө жатты.

Баарынан да балдар үчүн эртең мененки уйку таттуу эмесби. Жалжал кеч уктаганы менен эрте турду. Өзү менен кошо бардык балдарды тургузуп, кийиндирди. Анан машинаны жүргүзүп жатса керек деген ой менен эшикти чоң ачып коюп сыртка чыгып кеткен Акматты издеп, акмалап көз чаптырды. Акмат Жалжалдын оюндагыдай эмес, энсиреп, куну учуп турган малканасын таңыркагандай карап, өкүнүчтө эле. Мойнунда турган үч миң сом карызы, андан кантип кутулуу жөнүндөгү санаалар бийлей калган. Мына ушул тагдыр ага жок жерден табыла калган оор жүк болуп ныксырата басып тургансыды.

— Машинаны жүргүзбөйсүңбү. Дагы эмнени делдейип карап калгансың?— деди, Жалжал тээ алыскы тоолорго карап, өкүнүчү жүрөгүн тыталап ойлуу турган Акматка.

Ушул учурда Акматтын көздөрү алачакмак болуп, чагылган жарк-журк эте түшкөндөй сезилди. Аябай ачуулanды. Бирок, бул ачуусун адаттагысындай сыртка чыгарган жок. Онтоп туруп калды. Анан шылкыя басып барып машинасын жүргүздү. Машинанын добушун угар замат Жалжал балдарына каарын чачып, кичинекейин көтөрүп, ортончусун жулкулдата сүйрөп, ызы-чуу менен сыртка чыкты.

— Ассалоом алейкум, кайда шашып жөнөп калдыңар?— деп Жаныбек кирип келгенде Акмат алик алгандан башка эч нерсе дебей эндиреп туруп калды. Көз алдына баягыда карызга алып жаткан акчалар элестеди.

— Базарга, балдар дагы базарды көрүп келишсинчи,— деп Жалжал озунуп жооп бере салды.

— Жакшы, машинаны ошол үчүн алгансыңар да, баргыла, ойноп келгиле,— деди Жаныбек Жалжалдын сөзүн жактырбаган түрү менен.

— Сиз дагы базарга бармак белеңиз,— деди Жалжал балдарын колун жаңсай көрсөтүп, батпайсызго дегенсип.

— Көрүп турам батпасымды. Акмат жүз сом берип турбайсыңбы, аялдын агасы той кылат экен, керек болуп калды;— деп Жаныбек карызга берген акчасын сыпайылана доолады.

— Бар, алыңыз,— деп Акмат кечээки алган айлыгын бүт бойдон колуна карматты. Анан Жалжалдын олдоксон сүйлөгөн сөзүнө тымызын кейинди.

— Жүз сом сураса эки жүз сом бергениң эмнең, балдарга кийим-кече албайт белек. Уулуңдун бут кийими, пальтосу жоктугун билбейсиңби.

— Абдан жакшы болду, ушинтип колдо болгонун бере берүүбүз керек. Антпесек карыздан кутулушубуз кыйын. Эки миң сомду чогуу алам, эртең эптеп таап бер десе эмне демекчибиз.

— Доодон өңгөнү, тегирменден чыкканы дептир. Ай бар, жыл бар бергенин алат да, же бекерге берди дейсиңби.

Акмат Жалжалдын сөзүнө көңүл бурбады. Артта олтурган уулу Алтынбекке бурула карап: «Шофёр кандайсың?»,— деди.

— Өзүңүз айдап баратып мени шопур деп коёсуз да, мага дагы айдатсаңыз, — деп Алтынбек кыялданды.

— Шашылба балам, үйрөнөсүң, укаң экөөң минесиңер, машина силердики.

Машинанын дөңгөлөктөрү зыр-зыр айланып, алга жылган сайын жол жээгиндеги кардан чыгып турган куурайлар зып-зып артта калып жатты. Жалжал Акматтын жанында чалкалай олтуруп кичинекейи Калыбайды кучактаган калыбында көңүлүн көкөлөтүүдө. «Бах, жаштык кез да өтүп кетти. Ошол учурларыбызда машинабыз болгондо эмне, тээтиги карагайлуу коолдукта олтуруп, эс алып кайтпайт белек. Мейли эми дагы эле жаман болбойт, балдарыбыз менен тоого барып көңүл ачып келип турабыз». Ушуларды сезиминен өткөрдү. Акмат болсо тап-такыр башка ойдо, Жалжалдын сөздөрүнө ууланып, карызы,

балдарынын кийим-кечеси, дагы ушул сыяктуу турмуш түшүгүндө.

Асфальтталган кенен жолго чыгышканда ары-бери жүргөн машиналар көбөйдү. Айдоого укугу жок эле райондун борборуна бара жатышы Акматты аябай тынчсыздантты. Автоинспектор алдынан тосуп чыга кала тургансып, жүрөгү дүкүлдөйт. Экинчи ылдамдыкка салып, газды бошоңдотуп, акырын айдап бара жатты. Шуу-шуу эте жандап өтүп жаткан машиналардан сестене калат.

Акмат машинасын базардын артындагы атайын даярдалган аянтчага, машиналардын катарына токтотуп койду. Жалжал машинадан түшүп жатып баягы карызына берген акчага кайгырып алды...

Алтынбек Акматка катарлаша басып баратып:

— Ата велосипет алып берчи,— деп адаттагысындай эркеп, балалык мамилесин баштады. «Айланайын, баласың да, баласың» деп атасы тымызын өксүдү, сөз катпады.

Акмат суз, табити бузулган адамдай көңүлсүз. Пияз, картошка, сабиз, балдарына алма алып жанындагы он сегиз сомун түгөттү.

— Акмат, бирөөдөн элүү-алтымыш сом алып турсаңчы, айлыгың тийгенде бересиң. Эмне, атайылап келип базардан куру кайтабызбы. Балдарды мостойтуп, алма-өрүк менен сооротуп тим болмокчусуңбу.

Акмат ызалана түштү. Анткени менен суроого жооп кайтаргысы келбеди. Тек гана басып бара жатты. Эки баласы эки жагында. Алардын ширин сөздөрүнө, эркелегинине ырахаттанып, өзүнчө сыймыктуу. А балдардын таза сезимдеринде болсо машина гана турат. Машинада олтуруп базарга келиши турмушундагы унутулгус көрүнүш. Ушул куунактыкты Жалжалдын олдоксон талабы гана бузуп, туюкка такоодо.

— Мен сага айтып жатам го түшүнөсүңбү деги, качан болбосун тоготмоксонго салып сөзүмдү уккуң келбей калат.

— Эми кимден сурайбыз. Базарга келгендер сени менен мендей. Алар дагы базарлык кылганы келишет.

— Барында бар эле, элдин баары эле сенчилеп жетинбей калды деп ойлойсуңбу.

— Апа, аз сүйлөчү, урушпачы,— деди Алтынбек. Ал үйүндө да атасына болуша кетет. Бул жолу үй тиричилиги менен болуп базарга келбей калган эжеси дагы анын сөзүн кубаттайт. Акмат балдарынын ушул жоруктарына тымызын ыраазы болуп: «садаган болоюндар десе, эсиңерге кирип баратасыңар, силерден сый-урмат көрсөм болгону»,— деген зор үмүткө тартылат.

Баарынан да Жалжалдын бүгүнкү кылык-жоругу, одоно мамилеси Акматтын жанына батты. Көчөдө жүрүп олдоксондук кылуу кимге жакмак эле. Айрым адамдар Жалжалдын жаман сөздөрүн уга калышып, тиктеп өтүшөт. Акмат бул жолкудай эч качан ызаланган эмес. Дал көчөнүн ортосунда эле аялын жанчып салгысы келди. Бирок «Ылайды чапсаң бетиңе чачырайт» деген элдин насаат сөзүн эстей калып адамдык намысына турду. Бардыгына чыдады. Жалжалдын чырына уугуп машинасына олтурду. Анын өзүндө гана эмес, балдарында да тунжуроо, санаркоо пайда болду. Алардагы көңүлдүүлүк кайдадыр житип жок болду. Магазинден магазинге өтүп, көңүлдөгүсүндөй күлүп-жайнап жүрө алышпады. Ал тургай ашканага кирипиш ысык тамак дагы ичишпеди.

Акмат үйүнө базардагылардын баарынан мурда кайтты. Анын көңүлү суз. А Алтынбек болсо балалык кыялында жаз айы келип калгандай көңүлдүү. Үч жаштагы Калыбай апасынын кучагында, бир нерселерди сүйлөп, таттуу тили менен эркелей баштады. Жалжал баласынын бул мээримдүү мамилесин кайдыгер гана кабыл алып жатты. Анын мерседенүүсү таркабады. Акмат жанындагы Алтынбектин көңүлдүү түрүнө жылмая карап, тымызын көңүл серпилтти. «Баласың да, сенде бейпилчилик, куунактык...» деди оюнда. Анын сезиминдеги санааркоолор Жалжалга бурулду. Анын алгачкы турмуш куруп жашай баштагандагы жагымдуу мүнөздөрүн талдай баштады. Акматка тике карап сөз айтпаган сыпайы, сулуу келин эмес беле. Анын ысыгына

күйүп, суугуна тоңуп сүймөнчүктүү мамиле жасачу. Мектептен келээр замат тосуп алып, сырт кийимдерин чечинтип, илгичке илип, үйдө кийүүчү кийимин берип, даяр тамагын алдына коюучу. Келишимдүү мүчөсүнө жарашкан узун чачын булак эттире артына таштап, кылыктана жанына олтуруп, жоодураган кара көздөрүн күлмүңдөтө калып, бир нерселерди сураган болуп эркелечү. Акмат мына ушулардын баарын көз алдынан санап өткөрдү. «Качан гана үй салып, атамдан бөлүнүп чыкканымдан кийин... Жок, Алтынбекти төрөгөндөн кийин мүнөзү өзгөрдү. Эмне үчүн? Туура эмес мамиле жасап жатамбы?.. Сен түнтсүң, ачык-айрым эмессиң, ички сырыңды чечилип айтпайсың деп калаар эле? Балким...»

Акмат оюн жыйынтыктай албады. Жалжалды алган жылдан баштап колхоздун өндүрүштүк жумуштарына иштеткен жок. Эки жыл өткөн соң мектептин техничкалыгына жайгаштырып койду. Бул кызмат ал үчүн жеңил эле. Кечкисин барып, өзүнө бөлүнгөн класстарды жууп, тазалап коюп келе берүүчү. Баса, жаш адам үчүн бул ылайыксыз эмес беле. Мына эми Жалжал эки жылдан бери эч жерде иштебейт. Мектептин директору менен уруша кетип, «алсаң менден шыпыргыңды аласың, кайсы чоңдугуңду алмак элең» деп буркулдап бөлмөсүнөн чыгып кете берген. Бир жума араздап жүрүп анан барган, бирок ишин кайтарып ала албаган. Директорго айтып, ишине кайра койдуруп койбоду деген пикирде Акматка алиге чейин тымызын араз болуп жүрбөйбү. Мына ушул себептерди да купуя талдап чыкты. Ошентип Акматтын колу рулда болгону менен акыл-сезими кайдагы чаташкан куру санаалардын ичине түштү.

Күтүлбөгөн жерден машина акырындай түшүп, анча узабай эле тык токтоп калды. Сатып алгандан бери минтип биринчи жолу бузулушу. Акмат машинанын тетиктерин жакшы билбейт. Ал бензин түгөнүп калса керек деген ой менен бакты карады. Бензин көп жетерлик. Стартёрду бир нече жолу тепти, мотор аракетке келбеди. Ручка ме-

нен да айландырды, тер чыкканча аракеттенди, үн жок.

— Ботом, үч-төрт ай болбой жатып бузулганы эмнеси, билген адамга жакшыраак каратып анан албайсыңбы,— деп кейиди Жалжал машинадан чыгып. «Бул үчүн сен гана күнөөлүүсүң, сен болбосоң эскиси турмак жаңысын дагы албайт элем. Аттиң десе, сага өчөшкөнүмдү кара, алдыларда жаздырар болуп... Баягындай ызы-быз болуп, кайгырынып жүрө бермексиң». Акматтын минуталык оюна ушул урунду. Жалжал болсо машина ушуну менен эле бузулуп, таптакыр жүрбөй кала тургандай катуу тынчсызданып жатты. Жолдон өтүп жаткан шофёрлордун бирөө да токтой калып, жардам берип коюшпады. Акмат колун көтөрсө токтотмок. Антүүнү эрөөн көрдү. Тааныштардан болсо өзү эле токтотушат деген ойдо турду.

— Ботом көшөрбөй кол көтөрүп бирөө-жарымын токтотсоң боло — деди Жалжал жактырбагандай карап.

Акмат үн катпады. Ручканы айландыра берип чарчаган соң аргасы түгөнүп шалдырап туруп калды. Аңгыча катуу жүрүп келе жаткан жашыл түстөгү «Москвич» кый-йч этип токтоду. Бул Асан эле.

— Ака эмне болду?— деди ал кооптонгон түрдө.

— Эч нерсе эмес, жакшы эле жүрүп келе жатып токтоп калды го.

Асан капотту ачып, бензинди насостоду. Анын стартерду тепти. Мотор дароо кыймылга келди...

* * *

Акматтын өңү аябай азып кетти. Туугандык сезими менен караган Асан Акматтын абалына кейиди. Мурдагыдай эмес, көбүрөөк келип кете турган болуп калды. «Катташпаса бир туугандар жат болот дешкени ушул тура» деди ал оюнда. Жалжал дагы Асанга болгон мамилесин негедир өзгөрттү. Үйүнө келгенде кел, төргө өт, чай ич деп илбериңки мамиле жасай баштады. Мурда Асанды күнөөсүз эле

кыртышы сүйбөй калуучу. Асан дагы жеңесинин көз карашын, кыял-жоругун жакшы түшүнө турган. Тек гана агасын урматтап «үйүнө кирбей койсом болобу» деп тим койгон. Анын үйүнө чыр салып жаман сөздөр менен айтышууну каалабаган. Азыр катташууну көбөйтө баштаганынын жөнү бар. Ал өз оюн орундатууну туугандык ыйык милдетим деп эсептеди.

— Алтынбек атаң арыктап кетиптир, апаң экөө көп урушабы?— деди Асан атайылап үйүнө чакырып алып. — Сен эми чоңоюп, баарын билип калбадыңбы. Кана, айтчы чынын.

— Көп урушат, мен чынын айтам аба, көп урушат,— деп Алтынбек энтиге сүйлөй баштады,— апам эле уруша берет. А атам жакшы, үндөбөйт.

— Эмне үчүн көп урушат?

— Машинага көп карыз болуп калбадыкпы, атам айлыгын алат дагы карызына берип коёт. Апам акчандын баарын берип коёсуң, үйдө кант жок, кийим-кече албайсың, нан жок дей берет. Кечээ көйнөк алып бербейсиң деп аябай урушту. Атам үндөбөй отура берди. Апам сүйлөй берди. Атам сыртка чыгып кетти, жадады окшойт. Анан аба, атам айлыгынын баарын бербей жарымын эле берсе эмне болот? Ошентсе апам урушпайт эле.

Асан тунжурап, башын жерден албай ойлуу олтурду. «Малдан сатып жардам берсем окшойт... Жеңемдин кыялы чилыма да өткөн. Макул болбой жаңжал чыгарар бекен?.. Оба, чоң чыр чыгарат. Айтып түшүндүрүп көрөйүнчү, балким көнүп калаар. Жок, антүүдөн мурун агасына, атаэнесине барып, жаман жоруктарын айтып аларга түшүндүрөйүн. Акыл-эстүү адамдар эмеспи, тартипке салып коюшаар. Жаман көрсө үйү-жайы башка. Кайсы эле агашындей болуп катташып жүргөн жан элек. Ага алтын берсең да баягысы баягы эмеспи. Боорукердик кылуунун кереги жок. Ата-энеси, туугандары да билсин. Андан аркысын көрө жатабыз. Агам түшүнө кире албаса, мен түшүнө кирейин, кандай гана болоор экен. Уят-сыйытты таштап

киришейин. Бу эмне адамды да ушунчалык кордойбу?!» Асан аябай ачууланып, тымызын кекенди.

* * *

... Сырткы көрүнүшү жагынан катарындагы үйлөрдөн калышпайт. Төрт бөлмөсү бар. Бастырмасы кең. Эшик алдында он түп алмасы, беш түп өрүгү мөмө берип калды. Анткени менен жупуну. Үйдүн айланасын тосуп турган коргон да ар кайсы жеринен бузулуп, урап калган. Үйдүн ичкп жабдууларын айтпа, олтургучтары эски, диванды жабуусу кирдеп, бир четинен айрылып кеткен... Баарынан дагы шыбактары ар жеринен сыйрылып түшүп түлөгөн тайлактын даакысындай болуп турганы кирген адамга өөн учурайт. Мейман үйү гана жасалгаланган. Телевизор, радиоприёмник коюлган. Шифонер бар. Керебетине керилте жүк жыйылган. Төр жаккы дубалына оймо туштук илинген. Полго терме таар салынган. Машина алышкандан бери бир дагы эмерек алышпады. Кезегинде килем алабыз деген үмүттө жүргөн Жалжал анысын унутту. Балдары, өзү дагы машина алгандан бери үстүнө жаңыртып кийим кийбеди. Акматчы, ал баягысындай эмес, жүдөө жүрөт. Мындан үч жыл мурда алган кара костюму менен мектепке барат. Үйгө келгенде анысын чечип коюп, жеңинин учтары жыртылып, жакаларын маңар алган костюму менен эски, кирдеген боз шымын кийип алат. Баса, мектепке барган учурда өзү теңдүү мугалимдердин баары жаңылап кийим кийишкенине кичире түшүп: «мейли, кийим табылат, анын өмүрү кыска, карызымдан кутулуп алсам болгону»,— дейт да тымызын өзүн-өзү соороттот. Ооба, Акматка сездирбегени менен мугалимдердин баарына белгилүү. Алар билишет, абалын түшүнүшөт. Ошентсе да кээ бирлери көзү жокто сөз кылышат.

— Сабакка жакшы даярданбайт. Ар дайым суз жүрөт. Чамасы Акматта түйшүк оор. Балдар географиядан өтө начарлап кетти.

— Завуч менен директор быйыл сабагын көбөйтүп койпу. Өзү сураиса керек.

— Сураныптыр, машина алган эмеспи, карызы көп, ошондон кутулуп алсам деген го.

— Баса, сабак берүүдөгү методдору жакшы эле. Азыр мурдагысындай эмес, өтө төмөнкү деңгээлде сабак берет. Көрсөтмө курал дагы даярдалбайт. Бечара, коогасыз башына иш үйүп, малдан жыпжылма болуп ажырап, машина сатып албаса не болот эле.

— Кызыксыңар, машина сатып алган бир эле Акмат бекен. Айылда көп. Сурай бергиле, алардын көпчүлүгү мал-мүлкүнөн ажырап, карыздар болуп жатышпайбы. Маселе анда эмес. Акматтын эркинин боштугу. Турмушта эби жок, жүүнү бош адам ошентип ыбырсып, өзүнөн өзү жүдөй берет. Ага аялы бий. Жыгачтын бошун курт жейт болуп, Акматтын жазасын ошол аялы берип жатат.

— Малдын жаманын сатып кутулат, а адамдын жаманынан кантип кутулмак. Балдары бар. Акыл-эстүү неме аялга теңелгиси келбесе керек да. Айтканың туура, өзү салачыл, жүүнү бош тура.

Мугалимдердин бул талкуусу ордунда кала берди. Алар ар күнү сабакка келген учурунда Акматка боорукерлене бир ирет карап алышат.

Күндөр өтүп жатты. Кечээ эле жер бети ак тон жамынган кыш эмес беле. Бүгүн жадыраган жаз. Ооба, адамбыз да, сезимибизден кыш таптакыр унутулган. Айрымыбызда элеси да калбаган. Адам үчүн ушунусу жакшы, ушунусу кызыктуу. Өмүрдүн өткөнүн, улам алга жылып картайып баратканын сезбей турмуш жүгүн көтөрүп, алп уруша берет. Бардыгын бүгүн көрүп, бүгүн билип жаткансыйт. Март айы. Ушул ай адамдар үчүн өзгөчө бир жандуу, көңүлдүү учурларды тартуулагандай шык жаратат. Баарынан да балдарды айтпа. Алар байчечекей терип, куунак болуп калышат. Береги тоо этегинен орун алган Акмат жашаган кыштакта да эч ким туйбаган жакшы жышаан бар. Эртең менен узата кеткен кең көчөнүн тээ этек жагынан койлор,

уйлар бириндеп-экиндеп чыгып, көчөнүн башына жеткенче бири-бири менен жөөлөшүп батпай калат. Бадачылар, койчулар андан ары менчик малдарды топтоп алып жайытка айдап чыгып кетишет. Кечкисин ызы-чуу түшүрүп айдап келишет. Айылдагылардын ар бири өз малын тосуп алышып короосуна айдап кирип кетишет. Айыл көркү ушунда тура. Кыштак жеринде ар бир үйдүн көркү да мал эмес беле. Акматтын короосу машина сатып алгандан бери малсыз, ээн турган имарат сыяктанат. Баса кыштак ичинде бир гана Акматта мал жок. Баягыда эки уй, он чакты жандыгы бар эмес беле. Анда коңшуларынын короосундай кечкисин малдын ызы-чуусуна толуп туруучу. Анын баарын машина боюна сиңирип алып чакан казнасында тургансыйт. Эки айдан бери бузулуп, иштебей турганычы. Канча жолу бузулуп, канча жолу убаракерчилик менен оңдободу. Баарынан да Акматка мына ошонусу кымбатка түшпөдүбү. Билбегенге кыйын тура, кичинекей эле бузугу үчүн оңдогон адам дегенине пулун алат, ошентип машина айлык акысынан тартмактап турганы турган...

Жалжалдын агасы Ысмайыл менен атасы Бекмат күүгүм киргенде келишти. Сен барбай эле кой дегенине болбой алардын артынан мурда эле Умсунай эне да келген. Ал короого көз жүгүртө калып, малкананын малсыз ээнсиреген көрүнүшүнө кейип, өзүнөн өзү ызаланды. Ушул ызасы менен үйгө кирип, учурлай келип учураша калган Жалжалга акырая тиктеп төргө өттү. Булардын беймаал убакытта топтолуп келип калышы Жалжал менен Акматты таңдандырды.

Кандай апа, жакшысыздарбы, демдүү жүрөсүздөрбү,— деди чочулаган түрү менен.

— Жакшы, кудаага шүгүр демдүүбүз, сиңдилериң салам айтышты,— деп кекээрдүү тиктеп койду.

— Саламат болушсун.

Бекмат карыя Акматка үңүлө карады. «Баары туура, Асан антип атайлап барбайт болчу. Өзү айткандай үйү-жайы башка болгондон кийин буларга кийлигишип не кылат.

Ушунча жыл өтүп баратат, кийлигишти, тигинтти, минтти, деп эч кимден укпадым. Айыптын баары менин кызымда. Акмат мага беш колдой белгилүү болуп калбадыбы. Машинага көп карыз болду деп уккам. Баса анын санаасы да болсо керек». Бекмат карыя ушуларды ойлоду. Баарынан дагы Асандын айткандары жүрөгүн өйүп, тынчы жок олтурду. Акматка болгон боорукерденүүсү ачуусуна ачуу кошуп, Жалжалга караган сайын жаагынын түгү, тикелене түшүп жатты. А Жалжал болсо атасы менен энесинин жаман көзү менен карап ойлуу олтурушканын сезди. Дасторкон жайып, нан, таттуусун коюп, демделген чайын берип жатып «булар жөн келген эместей, бир болсо Асан тойнун үзүлгүр чагымчылык кылган» деп күмөндөндү. Бекмат карыя Алтынбекти чакырып жанына олтургузуп алган. Калыбай болсо таенесинин тизесинде куштай конуп олтуруп, беймарал гана конфет аарчып жеп, көңүлдүү.

— Машинаңар жүрүп жатабы?— деди Бекмат Акматка атайлап суроо берип.

— Жүрүп турат,— деди сөздүн төркүнүн түшүнө коюп.

— Калп айтат, жүрбөйт, бузулуп калган,— деди Калыбай.

— Жүрөт, атам оңдотом деп жатпайбы, бузулса эле жүрбөй калмак беле,— деди Алтынбек өз оюнда инисинин сөзүн оңунан бурган болуп.

— Э балам,— деп Бекмат кеңири сөзгө өттү,— кыйналып жатып машина алганыңар кандай. Ошончолук эле зарылбы. Машинаны сатып алгандар тиричилигинен ашыкча мал-мүлкүнө ишенишет. А силер тиричилик, турмуш дегенди эсептебепсиңер.

— Булар отуздан өтүп калса да турмуштун эмне экендигин алиге түшүнүшпөйт. Балдарын кийимден тамак-аштан кемитип, карыздар болуп жатышып машина алыштын кандай кажаты бар десең,— деди Ысмайыл атасынын сөзүн кубаттап.

— Кой, балам, мунуң жарабайт. Мен бир кой берейин, машинаны оңдотуп саткын дагы тиги аңгырап турган ко-

рооңду толтуруп, малыңды кайра ордуна кой. Кыштакта жашап адал түктүү малың болбосо жакшы эмес балам. Куру темирди пешенеңе коюп алып карап олтурсаң жарашабы.

Акмат кайнатасынын акыл-насаатын чын дити менен укту. Баары туура деди оюнда. Анан Жалжалга болгон наараазылыктарын, жанын кейиткен орой, адамга сыйбай турган мамилелерин айткысы келди. Бирок, антүүгө даай албады. «Жок, али эрте, өзүлөрү да түшүнүшсө керек. Алар эмес балдарым да жаман жоруктарын билип калышпадыбы. Турмуштун ушунчалык оордугуна чыдай албасам анда менин эркектигим кайсы»,— деди купуя.

— Ушинтип кыйналып жүрө бересиңби, унчукпайсың да Акмат. Эл да эп көрбөй жатат. Машинаңды сатып малыңды ордуна коюшуң керек,— деп Бекмат жер тиктеп ойлуу олтурган Акматка ачуулана карады.

— Сатпайт ата, карыздан кутулайын эле деп калдык, эмнеге сатсын элге-журтка маскара болуп,— деп Жалжал озунуп жооп бере салды.

— Айыптын баары сенде турбайбы Жалжал! Малды саттырып машина алдырган да сенсиң. Эртең жуурканыңды саттыр,— деп Умсунай эне буурakандады.

— Апа,— деди Ысмайыл сөзүн бөлүп, бала-чакалуу болуп калган карындашын катуу жемеге ала баштаганына боорукерденип. Анын үстүнө күйөөсүнүн алдында кичирип калбасын деген ойдо болду. — Эми айткан менен ордуна келбейт. Карындашым сен баягы секелек кезиндей эмессиң. Кудаага шүгүр балдарың бар. Машинаны алдыңар ага каршы эмеспиз. Карыздар болдуңар, аны дагы билебиз. Акыры ушул карыздардан кутулууну да ойлошуңар керек. Сенден башка болгондо машинаны сатып алган күндөн тартып бир жерде иштемек.

— Мойнуң үзүлгүр Акматтын директору жоголмоюн мага кызмат тийбейт. Эки жылдан бери ана-мына деп алдап жүрбөйбү.

— Тамтаңдаба, кетмен кармагандар өлүп калыптыр-

быз,— деди Бекмат карыя ачуулана түшүп,— ата-бабаларыбыздан бери кетмен менен күн көрүп, кетмен менен карыбыз тоюп, жашап келгенбиз. Азыр дагы кетмен кармагандардын колу жогору. Сен сыяктуулар колхоздо иштеп, жыл акырында үч-төрт миңден акча аяып жатышат. Ай сайын алгандарын айтпай эле коёлу.

— Атам туура айтат. Тамекиде иштей бер. Береке да, байлык да мына ошондо. Карызыңардан да кутуласыңар. Ашып баратса бир-эки кой алып койгула.

— Эмне, иштебей жүрдүм беле аке, иштеп эле келгемин, болуптур иштейин,— деди Жалжал өзү жөнүндө эми түшүнүп, эми гана кемчилдигин сезип жаткансып жоошуй түштү. Бирок, тил учунда гана макул болду. Дилинде тамекиде иштегиси жок. Дагы бир колун тийгизип жан кыйнабай турган жеңил-желпи кызматтын табылышын эңседи. Минтип кыз кезинде учуратпаган талкууга алынып жатышын Асандан көрүп, аны купуя жектеп жатты. Балдарынын алдында бала болуп, ата-энесинин алдында жеме угуп жатышы сөөгүнөн өтүп, сезимин уу тийгендей зыркыратты.

— Эсиңе кел кызым, кыздарың да, балдарың да эртең эле жетилет. Кыз чыгарып, уул үйлөйсүң. Элдеги салтты деги жакшы билесиңер. Машина билгенге ашыкча жүк. Ага кеткен акчага үй-жайыңды кеңит. Ашып эле баратса дагы бир үй кур. Көрүнгөн тоонун ыраагы жок дептир, уулуңду үйлөсөң бөлүп коёсуң,— деп Бекмат карыя Акматка кайрылды. «Керегем сага айтам, келиним сен ук» дегендей Жалжалга анда-санда карап коюп сөзүн улады. Ойлонуп көргүлө машинаңарды сатканыңар эле оң.

— Э ата, кези келгенде өзүлөрү эле сатууга аргасыз болушат. Эски машина бузула берет, оңдолот, жаңы запчас сатып алат, бензинге сарптайт. Ошентип, айлык тапкан акчасынын жарымын машина шимирип тура берет. Муну көрүп эле жүрбөйбүзбү...

* * *

... Акмат беш жылдан бери Ошко бара элек. Ооба, мындан беш жыл мурда билим көтөрүү институтуна барган. Андан мурдагы студенттик курагычы. Ак-Бууранын боюна атайлап барып, дүпүйгөн картаң каражыгачтын түбүндө көңүл ачып отурган учуру көз алдына келе калды. Кыздын назик күлкүсү угула түшкөнсүдү. Көздөрү жоодурап, баягысындай көкүрөгүнө башын жөлөп, эркелегенсиди... Анан кинотеатрдын алдындагы күтүлбөгөн окуя... «Бар, кете бер, сен мени сынап жүргөн турбайсыңбы, убадаңарга шек келтирдимби... Анткорлонбо, колтукташып алып, эзилише сүйлөшүп олтурдуңар, арттан көрүп... Ошондой, экинчи мага сүйлөбөгүн!» Акмат ушинтип күнөөлөгөн, ич тардык кылган. Чоктой ысыган сүйүүсүн муздай тоңдурган да койгон. Ооба, ал тунгуч сүйүүсү эле. Аны дагы эле унута элек. Акмат жолдо бара жатып ошондогу студенттик курагын бир ирет сезиминен өткөрдү.

Минтип Ошко карай жол тартышына дагы эле Жалжал себепчи болбодубу. Ал адатынча Акматтын кулагынын кужурун алган. «Таежемдикине алып барып кел. Алардын Ошко барышканына үч жыл болуп калды. Правам жок, бара албайм деп жүрдүң. Мына эми правалуу да болдуң. Дагы кандай шылтоо табаар экенсиң?»,— деп алка-жакадан алчуудай болгон. Чынында Жалжалдын ою таежесиникине барып келүү гана эмес, шаарды кыдырып, магазиндерди көрүп, сейилдөөдө эле. Ал үчүн Акматтын отпускасына алган акчасынын эки жүз сомун карызына бергизбей алып калган. Ушул акчанын ээликтирүүсү анын тынчын алган. Таң атаары менен Акматтын уйкусун бузуп, ойготуп, чалабула тамак ичирип жолго чыккан. Азыр санаасы магазиндерде. «Алиги жаңы түшкөн универмагы кайсы жеринде болду экен. Анда кренплин көйнөк болсо... А баса сөйкө да алуум керек...» Жалжал чалкалай олтурган калыбында мына ушуларды көз алдынан өткөрдү. Ошентип, бири экинчисине кыл келбеген санаалардын изине түшкөн жолоочу-

лар Ноокат ашуусуна кандай жетишкенин сезбей калышты.

— Эй, токтотчу,— деди Жалжал ашууга тигилген ак өргөөнү көрө коюп. Акмат Жалжалга көңүлсүз, жактыра бербеген түрү менен карап алып машинаны токтотту.

— Кымыз сатылат дечү эле, барчы кымызы болсо бир кеседен ичели.

— Кымызы болбосочу.

— А болбосо минералдык суусу бардыр, чаңкадым.

Акмат Жалжалдын жол жүрүп бараткандагы бул ыксыз талабына ачуусу келип, өз алдынча бурк этип алды да кол тормозду тартып коюуну унутуп, эшигин тарс жапты. Машинадан чыккан бойдон артын карабай тепкичтер менен ак өргөөгө көтөрүлө баштады. Ак өргөө демекчи, бул жолдун көркү үчүн гана бетондоштурулуп жасалган ак өргөөнүн үлгүсү эле. Сүрөтчүнүн кистиси менен сырты кооздолгон. Кадимки ак өргөөдөн айырмасы жок. Кыргыздын оймо-чиймеси өзгөчө жарашык берип турат. Ички көрүнүшүндө керете, ууктар, кыскасы бардык жабдуулары тартылган. Аны буфетке айландырып, жайкысын соода кызматкерлери пайдаланышат. Жүргүнчүлөр үчүн пирожки, самса, суу, лимонад сатылат.

Өр тартып, ашуунун белине чыкканча эски машинанын мотору кызып, ичи печка койгондой ысып кеткен болучу. Жалжал эткээлдигинен улам аябай тердеген эле. Ал Акмат ак өргөөгө киргенде машинадан чыгып, жүзүндөгү терин аарчып, желпине баштады. Эшиги катуу жабылганда солкулдай түшкөн машина байкалбаган калыбында акырын жыла баштады. Өргөө жакты карап турган Жалжал машинанын ылдыйышта зып-зып учуп кулап бараткынын гана көрүп «а-ай» деп кыйкырып, бетин баса коюп, кайра чакчая карап, эсинен танып бараткан адамдардай эндиреп туруп калды. Жалжалдын ачуу кыйкырыгын уга койгон Акмат дароо жүгүрүп чыгып, тигил ойдо тарс-турс этип кулап бараткан өз машинасын көрдү. Көздөрү ымыр-чымыр болуп, башы айлана түштү. Кош колдоп башын мык-

чыган калыбында ойдон көзүн албай: «Баары бүттү, баары өз жайына түштү» деди санаа тереңине чөгүп...

## ДУНИЯ

...Жазы табакка толтура куюлган суудагы балык адегенде тынчсыздана сүзүп, анан эки-үч жолу туйлаган соң, алсыздана түштү. Далай убарачылык менен дарыядан кармап, чакадагы сууга салып келе жаткан учурунда балык минткен эмес.

— Тиктесең, көзүңдү балыкка жакындатсаң?— деди Сардар Дунияга жалооруй карап.

— Балыгың алсырап, өлүп бара жатат,— деди тигиле тиктеп турган көзүн суудан ала коюп Дуния сестенгендей түрү менен.

— Балык сага кандай түстө көрүнүп жатат?

— Саргыч. Деги бул балык кандай түстө эле?

— Көгүш.

— Анда менин көзүмдүн кареги да саргарып кеткен окшойт. Кой, балыкты тиктөөдөн пайда жок. Мына сууга чөктү, убал болду да бу жаныбарга.

Дуния балыкты өзүнө салыштырып, көзүнөн жашын мөлтүлдөтө төгүп, Сардарга жалдырай карады. Сардар эмне дешин билбей жер карап ойлонду. «Агамдын көңүлүнөн өтө албай ушул ишти баштабадымбы. Рас, мунун пайдасы не болмок. Курулай убарачылык, айыгып кетээр бекен деген үмүт да. Бечара акем да элден эмнени укса ошону айтып, мени убаралантып жатат. Мейли анын да өкүнүчү калбасын. Он бир ай ооруканада жатып айыкпаган, табыптардын айтканын жасап айыктырып алуу кыйын го?» Сардардын бир серпимдик оюна ушул урунду. Баса, врач ооруну өтүштүрүп жиберип, кеч кайрылгандыгын өкүнүчтүү айткан болучу.

Акырында Сардардын, анын агасынын өтүнүчүн орундатып, ооруканадан чыгарып берген.

— Мен адам болбойм го мен үчүн санаа чегип кыйнал-

бай эле койсоңчу, аябай азып кеттиң куурайдай болуп,— деди Дуния Сардарга үңүлө карап.

— Антпечи, сени менен жер тоймок беле, айыгасың — деп Сардар улутунуп алды.

Менден күдөр үзбөй, өлүмгө кыйбай жатасың ээ бечерам. Менин оорум башка, сарык эмес. Аны эч кимге айтпайм. Өлсөм жүрөгүмдө кетсин. Дуния ушинтип ойлоду, өткөндөрүн купуя эске түшүрүп.

* * *

Дуния жарыкчылыктан түңүлгөн. Оорунун пайда болушунун алгачкы күндөрүндө көз жашын мөндүрдөй төгүп ыйлаганда ким болбосун боорукерленип жашый түшөөр эле. Анын жанында олтуруп көңүлүн алагды кылууга аракеттенишчү. Азыр антип ыйлабайт. Бир учурдагыдай жаратылыштын кооз көрүнүштөрү көңүлүн эргитип, кубанта да албайт. Ага жаратылыштын кооздугу таасирсиз. Бүгүн да адаттагысындай сыртка чыгып, июнь айынын ысык табына кактанып, береги тоолорго тек кана карап олтурганы болбосо көңүлсүз.

— Дуняшка кандайсың?— деди Сардар акырын. Ал ар күнү эртең менен жана сабактан келген учурунда ушинтип сурайт. Дуния бул жолу башын болоор-болбос ийкеп коюп тим болду. Ооба, кээде гана дурус элемин дегени Сардардын ичин жылытып, Сардарды өмүрүнөн үмүттөндүрөт.

— Кой, минтип күнгө көп кактанбачы. Ысык өтүп кетпесин,— деди да Сардар колтуктан сүйөп өйдө тургузду. Жыла басып дүпүйгөн бутактуу талдын түбүнө барып олтурушту. Кой терисинен жасалган олпокту салынып ушул көлөкөдө ар күнү олтурушат. Сардар аркы-беркини айтып Дунияның көңүлүн жубатууга аракеттенет. Алар үчүн күндүн батышы, таңдын атышы өзүнчө бир азап.

— Дуния... сенин менден наарazылыгың жокпу?— деп Сардар көптөн бери жүрөгүн өйүп жүргөн суроосун кысылып жатып араң берди.

— Эмне үчүн минтип сурап калдың? Сага нааразы болгон учурум болбосо керек эле.

Дуния капалана түштү. Сардар өзүн ыңгайсыз сезип, жал-жал карады.

— Жок, жөн эле сураганым, кечирип кой, сен мага нааразы эмессиң аны билем...

— Сенин кызматыңа өлсөм сөөгүм да ыраазы. Мен эч кимге нааразы эмесмин, өзүмө-өзүм...

Дуния толуп-ташып ыйлап жиберди. Сардар да токтоно албады, көзүнөн жаш кылгыра түштү.

— Кечиресиң, Дуняшка, сенден бир сырды сурагым келет капа болбо,— деди бир азга ойлоно калып араң сөзгө өтүп,— сага кимдир бирөө кастык кылган болсо керек. Баягыда мейманга союлган кара койдун калай табактагы канын темир мештеги корго көөмп, бышырып... Ооба, анда бир сыр бар. Ошондо күмөндөп калган элем. Сурасам айтпагансың. Аны ким, эмне үчүн бышырткан? Эгер мага ыраазы болсоң ошону жашырбай айтып берүүң керек.

— Коңшубуз Ниязбектин аялы бышырткан. Аны ошондо эле айттым эле го. Эмне үчүн экенин билбейм, үйүнө алып кеткен.

Экөө тең түпөйүл тунжурап, ойлуу боло калышты. Дуниянын өңү өзгөрүп, мөлтүрөгөн кара көздөрүнөн, тикселенген кирпиктеринен от учкундары чачырай түшкөнсүдү. Бул катуу ызалангандыгынын белгиси.

— Жок, такыр ишенбейм. Эми болооруңча болгон. Аны жашыруудан пайда чыкпайт. Айтчы экөөбүз гана билели. Эч кимге айтпаска ант берем. Жакындан бери ушул суроо жүрөгүмө орноп, мурдагыдан эки эсе оор азапка салды. Кантсе да аны билип алуум керек. Ошондо көңүлүм жай алып, жеңилдей түшөөр белем. Мага ыраазы болсоң чынын айт.

Дуния кайрадан көз жашын төктү. Сардарга жалдырай карады. Сардар да көзүн көзүнөн албай карап тура берди. «Ошондогуну унуткан жоксуңбу. Баса, эстүү жан элең, байкап калсаң керек... Аптаптар акемдер жашаган айылда-

ты мектептен башка мектепке которулуп кетишти бекен? Эгер ал жерде болушса өлтүрүп коюшат. Өзүлөрү алардын артынан түрмөгө түшүшөт, азап чегишет. Жок, айтпайм. Мен гана азап чегейин. Мен эле өлөйүн,—» деген ой кылт этти. Жүрөккө каткан сырын айткысы келбеди. Бирөө алкымдан алып, бууп жаткандай кыйналды. Далайдан кийин: «Жок, айта берейинчи, мен өлгөндөн кийин ушул өтүнүчү үчүн санаа чегип кыйналып жүрбөсүн»,— деген ойго келди.

— Сардар кечир мени — деди да шолоктоп ыйлады.

— Кечирем тоодой күнөөң болсо да кечирем. Ыйлаба, оорупу ыйлоо менен жеңе албадык го!?

Дуния оор үшкүрүндү. Анан Сардардын тизесине башын коюп, кырынан сунала жатты. А деп баш кошкон күндөрүндөгүдөй эркелегиси келип, ошол учурларын элестетти. Ушул суроо өзүнүн да оюна бүлүк салып кыйнап күргөн эле. Эмнегедир оорусунан жеңилдей түшкөнсүдү. Айтайын деген оюн алыстан баштады.

— Ырас өтө жакшы көрчү элем. Сен кантип, кандайча сүйүп калгансың билбейм. Бир жолу силердин мектебиңерге бардык. Анда тогузунчу класста болчумун. Алып барган агайыбыз мектебиңердеги комсомолдук, анан пионердик иштер менен тааныштырды. Кызык, мен сени окуучу экен дептмин. Безелентип комуз чертип, куудулдана сүйлөп, баарыбызды күлдүргөнсүң. Эмнегедир жүрөгүм дүкүлдөп, эки бетим ысып... Бул күнкү жолугушууну көпкө чейин унутпай эстеп жүрдүм. Сен черткен күүлөр кулагымдан кетпеди. Дагы бир жолу комсомолдун райондук конференциясында жолуктурдум. Ага мектептин окуучуларынын комсомолдук уюмунан делегат болуп катышкан элем. Трибунага чыгып кызыктуу сүйлөдүң. Президиумда райкомдун секретары олтурган. «Райондук жетекчилер колхозго барышат да кайта беришет. Малканаларды көрүшөт, мектепке баш багып да коюшпайт. Абалыңар кандай, иштер жакшыбы деп бир ооз сурап коюшса эмне

болмок...» деп айтканыңда угуп олтургандар дуу-дуу кол чаап жиберишкен.

... Ошентип баш коштук. Жашообуз таттуу өтүп жатканда минтип... ооруп калбадымбы...

Дүния дагы шолоктоп ыйлады. Сардар аркы-беркиш айтып, көңүлүн ачып, араң сооротту. «Менин суроомдон алыстап кетти, айткысы келбей жатат окшойт» деген ойго жетелене калды.

— Эсиңдедир июль айы болсо керек эле. Турмушубуздун үчүнчү жылында төркүнүмө барууга даярданбадыкпы. Бир жагы ата-энем болбогон соң барып не кылайын дедим. Экинчиден жаштык кылып сокур намыска бийлендим. Ошол кезде кошкат элем. Аны сага айткан эмесмин. Ушул мени санааркатты. Буга чейин эч ким баштабаган жолго түшүп, агаларыма, эжелериме айтпай сага качып тийгенимди ойлодум. Төркүнүмө баруудан тартындым. Анын үстүнө бизди сөзгө сөлтүк, кепке кемтик кылдың, сендей карындаштан кечкенбиз, келем деп ойлобо дешип агаларымдын жазып жиберген каты аябай ызалантып жүргөн болучу... Барбай эле коёлу десем болбодуң. Менде дагы бир жаман ой пайда болуп, ичимдеги наристени боюмдан түшүрүп салгым келди. Мыкчып эзе бердим. Менин ойлогонумдай болбоду. Үч-төрт күндөн кийин наристе капталымдан былк-былк эттирген кыймылын токтотуп, тынчып калды. Ошондон бир жума өтпөй төркүнүмө бардык. Рахим абам жакшы кабыл алды.Алып барган коюбузду союп, ага-туугандарына сени тааныштырды. Ошондо учурашкандардын жүзүн тике карай албай уялганымды айтпа... Дегинкиси, ата-энемден үч жашымда ажырап, өксүп чоңойгонумданбы, өзүмдү өзүм бийлеп турмушка качып чыкканым замандаштарым үчүн, ооба, айрыкча жердештешиме эскерип айтып жүрүшө тургандай эстелик калды окшойт. Өх-х, ошентип Дароот-Коргондо бир ай жүрдүк. Курсактагы наристенин кыймылы байкалбады. Менин кечиримсиз күнөөм мына ушунда. Мени кечире аласыңбы, билбейм?..

— Эми кечирбей кайда бармакчымын, жаным менен

көчирем, — деди Сардар. Бирок, ичи туз куйгандай ачышып, окунучу жүрөгүнө найза сайып өттү. Аны сездирген жок.

— Угуп тур, сөзүмдү бүтө элекмин. Сага болгон ишти түп тамырына чейин айтып бербесем болбос. Биз абамдын өтүнүчүн орундатып Дароот-Коргондо калдык. Жаман болбоду. Ошол жердеги мектепте иштеп калганың агаларыма жакты. Алар сени менен байыр алышып, сага бир туугандарындай мамиле жасашты. Арадан бир жыл өттү. Ал аялга ынак болот тура. Коңшубуз Аптапка курсакта тынчып калган наристе тууралуу сөз кылдым. Ага болгон ишти башкача түшүндүрдүм. Ал мага койдун канын бышырып, муздаганга чейин чүпөрөккө ороп алып курсакка тартууну сунуш кылды. Наристең сөөк болуп калган, ушинтсең өсүп, балпайган бала төрөп аласың деген. Аны аткардым. Ырас, күмөндөп калган экенсиң, кайра-кайра сурап, тынчымды аласың, айтпаган оюма койбодуң. Эми сенден дагы бир жолу суранам, бул сырды эч кимге айтпа. Муну жарыкчылык үчүн күнөөлүү болгон мен гана билемин. Ага сен күбө бол.

Дуйня кимгедир каарданып жаткандай тиштенип алды да мисирейе туруп калды. Анын бул сырдуу баяндамасын үнсүз угуп олтурган Сардар оор жүктүн астында бастырылып калгансып, тунжурагандан тунжурады. Көзүнөн мөлт-мөлт жаш куюла түштү.

— Олдо жан биргем ай, не десем? Жок, мен сага катуу сөз айта албайм. Аябай жаңылгансың. Бул сырды эмне эмне үчүн ошол мезгилде айтпадың экен. Мага айтпасаң да врачтарга айтканыңда жакшы болмок. Балким алар айыктырып жиберишер беле. Өх, не десем?!... Кыска түшүнгөнсүң. Сен ойлогондой агаларың Аптапты, же анын күйөөсүн дароо эле өлтүрүп коё алышпайт эле го. Ошондо неге менден бүгүнкүдөй ант алып анан айтып бербедиң экен? Эми кечиктик, иш өттү кетти. Мен дагы каталык кетиргемин. Бирок, ал кезде сарык менен оорugандар көп эмес беле. Сарык башталган учуруна туш келген турбай-

бы дебедимби. Баса, врачтарга мен деле күмөндүү оюмду айтсам болмок. О, адашкан жаным, алдырар күнү жазды рар дегени ушул белем»,— деп Сардар тунжурап терең ойго чөмүлдү.

* * *

Коргон-Жар жылгасы айтылышына жараша тушт-тарабы кызыл түстөгү бийик жар менен курчалып турат. Илгери Коргон-Жарда доңуз көп болоор эле дешип үч-үңкүрлүктөр узун сабак сөз кылышат. Сардар атайлап жолго чыкты. Коргон-Жар жылгасын көздөй оор жүк көтөрүп алгансып жай кадамдап ойлуу бара жатты. Жаратылыштын сулуулугун коштоп безелене сайраган булбулдун үнү басылбайт. Жай жарчысы — Күкүктүн үнү шаңшып, береги бийик жарларда коштолуп, жаңырык улайт. Элдик уламышта айтылып жүргөндөй туманда калып, сүйгөнүнөн адашып, аны издеп жүргөн Зейнеп. Сардар ушул уламышты бир жолу эсине түшүрдү. Өзүн ушуга салыштырды. Кайдагы жок санакоорлорго бийленди. «Мындан эки жыл мурда ушул жылгадан карагат тербедик беле. Жаштыктын ышкысына мас болуп, тиги булак суунун боюнда көңүл ачканбыз, суу чачышып, күлүп-жайнап... Ооруну жашырса өлүм ашкере кылат... Жок, антпей калсын. Бадал чырмоогу дары болуп кетсе ажеп эмес...»

Жаш адам үчүн көз ачып көргөн жардан ашыгы болбосо керек. Сардар менен Дуния адеп баш кошкон жылы нелерди тилебеди дейсиң. Ошондогу үмүт-тилектери батып бараткан күндөй алыстап кеткенсиди. Бир гана жан аргасын издөө... Ким болбосун жакшы тилегин айтып, паландары болот, түкүндөйдү ичирсең сакайып кетет десе көңүлдөнө угуп ишене калат да кайра чегине түшөт, чочулайт. Бадал чырмоогу дары болот деп укканына далай болгон. Ары ойлонуп, бери ойлонуп жатып араң жолго чыккан. Дуниянын аянычтуу сырын уккан соң бадал чырмоогун ичирсем айыгып кетээр бекен деген үмүткө жетеле-

не калган. Ысык тап өткөн балдарга кайнатып берип сакайткан колдонмону да көргөн. Не болсо дагы аракеттенип көрөйүнчү деген жыйынтыкка келген Сардар бадал чырмоогунан кош тутам жыйнап алып үйүнө кайтты.

* * *

Чөп орок маалы. Адамдардын бардыгы чөп оруу түйшүгүндө. Толубайдын үй-бүлөсү жумуштан кеч кайтты. Сардар бадал чырмоогун алып келер замат кайнатып Дунияга ичирген.

— Кандайсың, бадал чырмоогун кайнатып ичтиңби?— деди Карачач Дуниянын жанына олтура калып.

— Ооба.

— Кандай жага турганбы?

— Ким билет, бир аз көңүлүм ачыла түшкөнсүп калды.

— Көңүлүңдү аздырбадыбы?

— Жок.

Сырттан бирге кирип, жакындаша олтура калган Толубай тымызын сүйүндү.

— Жакшы болуп кетет экенсиң балам, иче бер,— деди Дунияга ыраазы болгондой түрү менен карап. «Олдо мээнет ай, неге мынчалык өчү бардай жаш адамдарды кыйнадын. Турмуштан аласасын алып бүткөн кары-картаңдарга барбайсыңбы,— деп купуя кейиди. Анан Сардарга үңүлө тиктеп: «Ырысың бар окшойт, ошентсин, ылайым сакайып кетсин»,— деген ойго серпилди.

— Аке, мынакей сиз айткандай жашынан алып келдим,— деди Сардар бадал чырмоогун чогуусу менен көрсөтүп.

— Ооба, абдан жашы экен. Эми балам муну таяк сүйөнүп калганга чейин ичүүң керек.

Бул күнү Толубайдын үйүндөгүлөрдүн бардыгы көңүлдүү болушту. Ооба, Дуния да күндөгүсүнөн тынч уктады.. Эртеси эрте турду. Бети колун жууп келип, ордуна кайра

жатты. Анын төшөгү жыйылбайт. Карачач ар күнү күбүп, кагып кайра салып-коёт.

Сардар Дуниянын жанынан алыстаган жок. Анын үстүнө бадал чырмоогу жакчу болсо аябай ачыктырат, ичтейин ачат, ар кайсыны жегиси келет, жанынан жылба, туздуу тамакка аралашып албасын деп агасы эскерткен болчу. Арадан төрт күн өткөндөн кийин Дуниянын бутундагы шишиги кайтты, галошу кең келип мурдагы калыбына түштү.

— Дуняшка, карачы бутунду, чытырап галошуңа батпай турчу эмес беле. Ишене бер. Туздуу оокатка аралашпа. Мен эртең сабакка барам. Бир жумага уруксат алдым эле бүтүп калды,— деди Сардар кайра-кайра суранып.

* * *

Сардар сабакка кетээри менен Дуния Карачачка: «Жеңе дарманым куруп, алсырап баратам. Айран катыктаган суюк кесме ичким келди. Жеңе, соопко калчы»,— деп сурады. «Туура айтасың, бир топ күндөн бери тузу жок тамак ичтиң. Эми көкмөк чөптү ичип жатасың... Баса, ысык аштын эмнеси зыян болмок эле»,— деген ойго келди. Айтканын аткарды. Дуния ашты ичкенден кийин чекесинен чып-чып тер чыгып, андан бетер мууну бошоду. Төрдөгү жабанга уурданып өтүп, бир сындырым нан алып жеди.

Сардар сабактан эрте келди. Жүрөгү опкоолжуп, окуу бөлүмүнүн башчысынан суранып, акыркы сабагын бирөөгө тапшырып кайта берген. Ооба, жүрөгү сезген өкүнүчкө туш келди. Сырттан кирери менен Дуниянын жанына олтуруп:

— Кандайсың, бадал чырмоогун кайнатып ичтиңби?— деп оңтойсуздана сурады. Дуния будаланып туруп калды. Жаздыктан башын көтөрө албай.

— Эмне болду, өңүң киргилдене түшкөн тура — деди чочулап.

— Кесме ичтим, чыдай албадым.

— Чеки болгон экен, жок дегенде эки-үч күнгө чыдаганында жакшы болмок.

Сардар шишиктин ичке түшүп, оорлошуп калганын билбеди. Баштан өтпөгөн соң кайдан билмек эле. Айыгып кетет деген ишеничте болгон. Мына эми өкүнүчтө... А Душин болсо онтоп жатып таңды атырды. Терезеден көзүн албайт, жалдырап. Агалары, сиңдилери көз алдына элестеп, алардын келишин күтөт...

## КАРЫЯНЫН ӨКҮНҮЧҮ

Дооран карыя көңүлдүү. Ээрдин бошогон көктөмөлөрүн бышытып, жаазын жамап, өзү менен өзү. Карылыкка жеңилип анча-мынчаны укпай да калган. Бастырманын ортоңку ичке түркүгүнө чырмалышкан калыбында кара чаар жылан шыптан көзүн албай сойлоп бара жатты.

Эне чабалекей балапандарынын көзүн ачып, темир казыгына айлана баштаганына өзгөчө кубанычтуу эле. Ысык иштаптан өзүн ала качып, улам бийиктеп, бирде канаттарын сабаласа, бирде сызып учуусун улантууда. Анан бүркүттөй канатын куушуруп, шуулдап типтик түштү да жерге жакындаганда кайрадан кайып учуп бийикке көтөрүлдү.

Балапанга болгон энелик мээримдин кайталангыс күчүн айтпа. Ушул күч коркунучтуу учурду сездирди белем. Эне чабалекей уясын элестете калды. Жемсөөсү бошоп, тамактангылары келип, өзүн чыдамсыздана күтүп жаткандай сезди. Аларды бир көрүп, дидарына канып, анан жем издеп жолго чыкмакчы болду.

Эне чабалекейдин күтүнгөн үмүтү кайгы менен алмашты. Кара чаар жыланды көрүп, чый-пыйы чыгып, коркунучка бийленди. Бирде уясына коно калып, балапандарын жыттап, көздөрүнөн жаш куюлта калса, бирде жыланга каарданып, далбас уруп, кош буттап тээп өтөт. Аны жылан чымын чакканчылык сезбейт. Башын булгалап коркутат. Кара чаар жылан жумуру, жылмакай түркүктөн өтө жай жылышы менен жогорулай берди. Эне чабалекейдин

аргасы кетти. «Сен адамсың го, арка-бел тутуп, үйүңө уя жасап, балапан багып жашап жатпаймынбы. Жок дегенде башыңды көтөрүп карап койсоң боло»,— деп Дооран карыянын калпагын бир тээп өттү. О, карылык десе, анын көзү да жакшы көрбөй калган. Колундагы ээрди арал көктөп жатканын чабалекей кайдан билсин. Топурагы куюлуп турган шыптан кесек түштү окшойт деген ойго келип, калпагын алып силкип, кайра кийип алды да тим болду. Эне чабалекей Доорандан да түңүлүп, сабалап учуп жолго чыкты. Байыркы бир учурда достошкон Бешик терметтини тапты. Ал дагы эне чабалекейдин абалын туюп-билип тургансып кара таштын үстүндө эс алып жаткан болучу.

— Чаак-чаак, абалым оор, жардам сурап келдим,— дегендей көз жашын мөлт-мөлт төгүп жиберди.

— Кадырлуу досум, не болду сага, не деген бүлүк түштү деген өңдүү бешик терметти арбайган астыңкы бутгарын көтөрүп, тип-тик тура калды.

— Чаак-чаак, жылан, балапандарым...

Бешик терметти эне чабалекейдин апкаарып айта албай жаткан оюн дароо түшүндү. Шып ыргып жонуна чыкты. Кара чаар жылан түркүктүн башына жетип, ага жакын салынган уяга жүткүнө баштаганда кыйбас достор жетип келишти. Бешик терметти арбайган астыңкы эки бутундагы учтуу ийнелерин жыландын көзүнө батырды эле ал талп этип жерге кулап түштү. Эки көзүнөн ажыраган сокур жылан барар жерин таппай башын булгалап, туш келди сойлой баштады.

О, карылык десе, а дегенде белдин күчүн, көздүн курчун алып, кулакты керең кылып, жарык дүйнөдөн алыстатканын карабайсыңбы. А болбосо адам менен акыреттик дос болгон чабалекейге кантип жардам бербесин. Кирерге ийин таппай жарыкчылыктагы багытынан ажыраган жылан Доорандын көктөп жаткан ээрине урунду. Дооран жыланды, анын башына өчү бардай жабышып алган бешик терметтини көрдү. Чочуп кетип жыланды таягы менен бир салды. Анан шыпка карап, уясынан башын чыгарып тур-

ган чабалекейге боорукердене көз тигилтти. «Сенин чый-пыйың чыгып, чырылдап жатканыңды элдир-селдир кулагым чалган эле. Карылык да абалыңды сезбепмин, кечирип кой досум»,— деп өзүнчө күңгүрөнүп алды. Кайрадан башынан каны чыгып, өлүп жаткан жыланга карап ачууланды. Чабалекей тууралуу уламышты эсине түшүрдү:

«Жылан менен адам жер үстүндөгү кыбыр эткен жандуулардын кожоюну болууну талашып кудайга кайрылышып. Кудай аларга шарт коюп, экөөнө эки кап кумду берет. Аны ким мурда санап бүтсө ошол кожоюн болот деген шартты коёт. Күнү-түнү уйку көрбөй санакты башташат. Өмүрлөрүнүн жарымы өтөт. Бул аралыкта адам көбүрөөк уктап, жыланга байгени уттуруп коё турган болот. Абалды угуп, жер үстүндөгү жан-жаныбарлардын тынчы кетет. Канаттуулардын эң шамдагайы, учкулу чабалекейге кабар алып турууну буйрушат. Акырында эсептеп бүтөрүнө аз калганда чабалекей жыландын кумун тээп өтүп, качып жиберип, эсебинен адаштырат. Байге ошентип адамда калат. Акыл жагынан ааламга үстөмдүк кылып жашап калат».

Дооран карыя өкүнгөн түрү менен ордуна олтурду да жомоктогуну чындык сыяктуу туйду.— О, түрү суук жылан, сенин ниетиң жаман,— деп өзүнчө күңгүрөнүп алды.

## ҮЗҮЛБӨГӨН ҮМҮТТӨР

Жылдыздай жайнаган байчечекейлерге карап Самат жылмайып алды. Анын сезимине качанкы бир учурдагы үмүттөнүүсү урунду. Көзүнө бардыгы жакшынакай көрүнүп, жүрөгү кубанычтын бешигине термеле түштү. Жүзү нурданып, көңүлдүү учурлары алдында күтүп тургансып, тээ алыска тоолорго карады. Кара-Сорон, Кереге-Зоо деп аталган чокулары көк тиреген тоолорду үңүлө тиктеди.

«Садагасы кетейин алтын тоолор! Баягы тунук шар суу-ларың, атыр жыттуу арчаларың, табылгы, карагай, кайың-дарыңчы, менин саябанында көлөкөлөп, бой сергитүүчү

жайларым эмес беле. Безеленин сайраган булбулдун үнүн сагындым. Улар аскадан аскага учуп өтүп, бир башкача үн безеп, уйтулдап сайрай турган. Менин балалыгым дал ошол тоолордо өткөн. Атам ыраматылыкты ээрчип кой кайтарышкамын. Тогуз жашымда комуз кармап, он жашымда күүнүн башы Бекарстанды үйрөнгөмүн. Андагы көкөлөп учкан эркин куштай көңүлдүү мезгилдер азыр жок. Ошондо мен бүгүнкүдөй кайгылуу учурларга кездешем, оор кыйынчылыктарды баштан кечирем деп түк ойлобогомун. Турмуш деген ушул тура! Ал мектеби жок окутуп, мугалими жок экзамен алат турбайбы. Атамдын айткандарынын бардыгы туура келди. Көрсө ал турмуштун мектебинен окуп, эчен ирет ага «экзамен» тапшырган окшобойбу. Бирок, мен биринчи жолу «экзамен» тапшырып жатам. Бир учурдагы жакшы үмүттөрүмдүн бири дагы ордунан чыкпады!?»

Самат көңүлдүү боло калган учурларын өкүнүчкө алмаштырып тунжурап ой түпкүрүнө нар төөдөй чөктү. Ал ташка көчүгүн койгон калыбында кимгедир наалып жаткансып, өз алдынча кейиди. Агаларынын сөзүнө көнбөй, өзүм билемдик кылганы аябай өкүндүрдү. Баса, Арсар деле бирөөнүн ардактаган кызы болчу. Атасы Ашыр окусун, билим алсын деп жакшы тилек улап педагогикалык окуу жайына киргизген. Арсар зор жаңылыштык кетирди. Пахтага жардамда жүргөн учурунда үч уктаса түшүнө кирбеген мал догдур менен качып кетти. Ошондогу башынан кечиргендери тууралуу Арсардын көз жашын мөлтүлдөтө төгүп жатып айткандарын Самат көңүлдөнө эске салды.

«...Биз адегенде эле жакшы жашадык. Бардыгын какшаал кайын энем кылбадыбы. Кайдагы жок ушактарды айтып күйөөмө урдура берүүчү. Жайлоого атчан учкашып барганыбызда эмнедир кыртышы сүйбөй каардана түшүүчү. Дүкөнгө да бирге барып жолдоштору менен бирге көңүл ача турганмын. Жакшы жигит эле. Мен айтканды көп учурларда аткаруучу. Ошентип экинчи кызымды жайлоодо

торогомун. Арадан үч күн өткөндө Эдилбек кыштоого кетти. Эми гана өзүмө келип, күч-кубатыма кире баштаганымда боз үйдүн түндүгүнөн кара мышыкты ыргыткан. Ал мыёолоп, катуу үн менен алдыма түшкөнүн билем. Андан аркысын билбейм. Ошентип оорубадымбы».

Арсардын өңү бирде бозоро түшсө, бирде кызара түшүп жерден көзүн алган жок. Өзүнчө оюн тактап сүйлөп жаткансыды. Бирде үнү бийиктей түшсө, бирде басаңдай калып иретсиз сүйлөп жатты. Жаңы гана баш кошуп, жашай баштаган күйөөсүнө минтип өткөн турмушун баяндап беришинин зарылдыгы барбы, жокпу, ал жагына акыл жүгүртө албады. Самат анда-санда оюн башкага, уккан-билгендерине буруп санааркай түшүп жатты. Ооба, анын сезиминде башка бир дүйнө — уйгу-туйгу болгон кышкы бороондой ойлор аралаша түшүп жатты. Азыркы жашоосун арсар турмуш катары баалай калганычы. Акырында жүрөгүндөгү боорукердик бийлеп «жакшы болуп кетээр, бир жылга күтөйүнчү» деген жыйынтыкка келди.

* * *

Быйылкы жаз өткөн жылдын жазынан таптакыр башкача сезилди. Былтыркы 8-мартты бурганактап жааган кар менен тосуп алышкан. Быйыл майрам күнү таң шооласы менен жарыша жамгыр жаап, түштөн кийин басылды. Гүлчө кыштагын туш-тушунан курчоого алып турган бөксө тоолорду туман чалып, көрүнбөйт. Жамгыр басылгандан кийин булуттар тарап, Сопу-Коргон менен Жошолу тараптагы бийик тоолордун чокуларында гана илгерки байбичелердин ак элечегиндей болуп үлпүлдөгөн ак булуттар калды. Булар эмнени күтүшөт, эмнеге үмүттөнүп, кылчактап чокуларга түнөп калышат? Алардын сыры тереңде, эч ким билбейт. Самат тоо чокусундагы ак булуттарды таңыркап карап: «Байыркы бир убактарда кыл мергендер атып түшүрүп, ак булут менен кызынын жүзүн жууп, картайбас сулууга айланткан имиш. Бул элдик ула-

мыш, жомок турбайбы. Андай болбогондо самолёт менен эле тонналап алып алышпайт беле?» — деген балалыктагы кыялдануусуна аралаша калуучу. Азыр тоо чокусундагы ак булуттарды кээ бир учурларда көнүмүшүндөй гана суз карап коёт. Сезиминдеги оор жүк ныксыратып, жерге карай ныктап жаткандай салмактуу. Баягындай жайдарыланган мүнөзү да өзгөргөн. Анан болбосо, аялдардын майрамын жоро-жолдоштору менен бирге тосуп, өз үйүндө, жакшы санагандарынын үйүндө жаңырыктуу күлкүсүн чыгарып көңүлдүү отурбайт беле. Жаны бирге жолдоштору, тууган-уруктары да Саматтын үйүнө келбей коюшту. «Ал өзүм билем, айтканга көнбөйт, оорулуу аялды алба деп какшанып жатып айтканбыз, өзүнө өзү кылбадыбы, эми азаптанып жүрө берсин, не кылалы»,— дешет көргөн учурларында.

Самат күндөгүдөй эле эрте турган. Кеч жатып, эрте турууга көнүп калган. Көнбөскө чарасы канча. Бир жумадан бери жалгыз. Арсарды төрөөрү менен энеси алып кеткен. Барсамбы, барбасамбы деген оюн өзгөртө албады. Арсар жакка түк аягы тартпайт. Ушундай ойго түртүп жаткан наристеси Гүлмирасы. «Гүличка сага өмүр берсин, тынч чоңойсоң болгону» дейт да тим болот. Ушул наристе Арсардын боюна бүткөндө уул болсо экен деп тилеген, үмүттөнгөн. Атадан жалгыз болгону көп эсе өксүтүп, өзүн башка жолдошторунан далай эле төмөн тургандай сезчү. Уул болсо өзү менен тең чоңоюп, инимдей болуп калат эле деген максатта жүргөн. Тагдыр андай болбоду. Кыз болсо да каниет кылып, тымызын сүйүнүп алды. Төрөлгөн күнү төрөткөн акушеркага атайлап таттуу-паттуу, бир шише шампан алып сый тартуулаган. Басса-турса ошол сүйкүмдүү наристеси көз алдында. Анын апакай жүзү, төптөгөрөк кара көзү жүрөгүнө ырахат, мээрим тартуулайт. Самат Гүличкасы үчүн гана жипсиз байланып жүргөнсүйт. А деп баш кошкон күнү келинчегинин оорулуу экенин сезген. Кийинкисин ойлоп узакка созбой ажырашып алуу үчүн кай-

ненесин, кайынатасын, айыл аксакалынан экөөнү чакырып бетме-бет олтуруп маселе койгон.

— Бу насип да балам, сабырдын түбү сары алтын дептир сабыр кылыш керек. Али жашсың, бактыңа жакшы болуп кетер. Аракет кыла бер,— деп төрдө олтурган багжайган ак сакалдуу карыя Мадали сөзүн баштады.

— Э, жигит оорулуу экендигин билип туруп баш кошкон белең? — деген суроону койду экинчи аксакал, ортодон сөз кошуп.

— Жакшы билгенмин,— деди Самат жерден башын албай.

— Билген, айтылган, молдо-кожого салып жатабыз, кудага шүгүр, мурдагысынан жакшы. Жакшы болуп кетет,— деп апасы Уулкан албууттана түштү.

— Өзүң билип туруп турмуш курсаң, азыр бул келиндин башы караңгы болсо, ойлонуп көрүп ак сөзүңдү айтчы, деги көңүлүң түзбү? — деди биринчи сөз козгогон карыя.

— Эми ачыгын айтайын аксакалдар, турмуштун эмне экендигин аз болсо да түшүнүп калдым. Мен дагы, бул дагы адам баласы, жакшы болуп кетсе экен деп күнү-түнү тилек кылам. Арадан алты ай өтүп калды. Мына кайненемдин көзү, бардыгын менден жакшы түшүнөт. Ай сайын молдого окуттук. Оорусу тез-тез кармап жатат. Врачтарга көрсөтүп, дарылатайын десем макул болушпайт.

— Башында молдого салып жакшы болгон эле, ошол жагына карайбыз балам, али сенин жаның кыйналып кете элек.

Кайнене дагы албууттана түштү. Самат жал-жал карап, жаш кечтилик кылып жатканына тымызын ачууланды, өңү купкуу боло түштү.

— Сиз антип Саматтын зээнин кейитпеңиз. Биз коңшубуз, билип жүрөбүз. Менин буга тууганчылыгым деле жок. Калыстыгымды айтайын,— деп сөзгө өттү Мадали карыя Уулкандын терс аяк сөзүн жактыра бербей. — Кызматтагы жигит болсо, үйүндө баш-көз боло турганы жок. Өзү-

ңүз билесиз мээнет деген ошондой, туткан учурунда кыйналып жатканы чын. Сиздин тиричилигиңиз бар, келип баш-көз болуп олтура албайбыз. Биз дагы көптү өткөрдүк. Менин түшүнүшүмчө үй түйшүгүн тартпай эркин жашап, куунак жүрсө мээнетинен айыгып кетиши мүмкүн, ойлонуп көрүңүздөр?

— Түшүндүм, демек Самат ажырашмакчы болуп коңшуларын ортого салып жаткан турбайбы, мен сот аркылуу чечишем, арызданам. Жүр кызым кеттик. Ботом, турбайсыңбы ордуңдан ныксырабай. Уулкан алкынып-жулкунуп күйөөсүнө да бир ооз сөз айттырбай кызын эрчитип келип, ээрчитип кете берди. Мына ушул окуядан кийин Самат Арсар менен ажырашуу жөнүндөгү оюнан бүтүндөй алыстады. Арадан эки жума өткөндөн кийин Уулкан Арсарды алып келип, Саматка акыл-насаат айткан болуп, бир түнөп кете берген. Бул төрөгөндөн кийинки экинчи жолку алып кетип, кайра алып келиши болучу...

Самат тоо чокусунан күн бүлбүлдөп көрүнө баштаганда сыртка чыгып кызматына жөнөдү. Ар бир кадамы сайын баягы санаа, кайталанма ойлор биринен сала экинчиси сезимге урунуп үзүлбөгөн үмүттөр улана берди. Иш кабинетине кирип отурар замат телефон шыңгырады. Трубканы шашылып колуна алды.

— Мен Саматмын, угуп жатамын — деди солгун сүйлөп,— ...болуптур кечирээк барайын.

Бул күнү убакыт Самат үчүн узак сезилди. Кызматташтары да жакшы билет. Редактордун берген тапшырмаларын толук орундатып, газетанын макеттерин түзүп, басмаканага өткөргөндөн кийин эртеңки кызматка жетип келиши күмөндүү экенин айтып, уруксат алып жолго чыкты.

Арсар алгачкы учурундагыдай оор абалда калган. Уулкан улам-улам улутуна карап, сыртка тынымсыз чыгып, тынчсызданууда. Эшик аттап кирери менен эле Саматты моюндан алып, сыга кучактады. «Олтурчу жаныма, неге келбедиң, мейли эми олтурчу сагындым!» деп олдоксон

күйлөп колтуктап алып, кыналыша олтурган. Бир нерселерди шыбырап айтып жатты. Самат беш жашар балага мамиле кылып жаткандай алдап, Арсардын көңүлүн көтөрүүнүн аракетинде болду. Уулканга ушул мамилелери жага турган. Ал Саматтан башка кызы менен мамиле түзүп жашай албай тургандыгын түшүнгөн. Ооба, тагдыры Саматка туш келип калганына миң мертебе шүгүрлүк келтирет. Мына азыр да жагымдуу мамиле жасап олтурган күйөө баласына тымызын ыраазы болду. Анткен менен кызынын оор абалына кейип, жүрөгүндө жалындай тутануу турду. Эне жүрөгү бала үчүн ушинтип түтөп, ушинтип күйөт эмеспи. Аны Арсар кайдан билсин?!.

* * *

...Бешиктеги наристе тыз-тыз ыйлап жиберди. Көзү кызарганча шолоктоп ыйлап, эми гана басылган Арсар наристеге эмчек салды. Бир бөлмөдө Самат үчөө гана. Бирде оорусунан жакшыра түшсө, бирде мас адамдай сезимсиз абалда кала турган дартка жолукканына ызаланып ыйлады. Саматка арыз-муңун айтты. Ушул учурдан пайдаланып Самат анда-санда сөз кошкон болуп, жактап көңүлүн көтөрүүгө аракеттенди.

— Сен түшүн, мен сага канча жолу айтам, врачка көрүнүү керек, ал дарылап айыктырат,— деди Самат.

— Апам менен атам болбой жатышпайбы.

— Алар түшүнбөйт өзүңдүн жаныңа күйсөң эртең врачка көрсөтөйүн, макулсуңбу.

— Макул болушпасачы.

— Сен барам деп өжөрлөнүп туруп алсаң аргасыз болушат.

— И, ооба десең, туура айтасың, ошентейин, анан сен өзүң алып барасыңбы, врач сакайтабы?

— Ооба, сакайтат.

— Болуптур азыр эле айтам.

...Кызык, түн менен күн үзгүлтүксүз алмашып, адам-

дардын өмүрү чени жок санагын улантып өтө берет турбайбы. Самат бүгүнкү түнү да тынч уктай албады. Анын бүгүнкү ою таптакыр башкага бурулду. «Врачтар сакайта алышпаса... Сакайбайт деп айтышкандары чын болсо, анда ажырашуум керек. Тун кызымды өзүмө алам. Антпесем зыяны тийиши мүмкүн» деген жыйынтыкка келди. Ушул санааларга жетеленип көзү уйкуга кармала түшкөнүн сезбей калды.

— Уктабачы, коркуп жатам.

Таттуу уйкуга термеле түшкөн Самат чочуп кетти. Арсар багытсыз оюн ээрчип, ар кайсыга бир өтүп, элдир-селдир сүйлөй баштады...

Түн караңгылыгы сүрүлүп, жер жарыгында Арсар үргүлөп олтурган калыбында кырынан жатып, терең уйкуга тартылды. Самат да араң турган болучу, башын жаздыкка коёр замат уктап кетти. Ормош менен Уулкан кезектешип, эшикти акырын ачып кабар алып турушту. Алар Арсардын уктаганына сүйүнүчтүү.

— Бүгүн жакшы, уктап калыптыр оңолуп кетет бейм кемпир. Бакшынын айтканы туура,— деди Ормош.

— Ооба, кудайга шүгүр уктап калыптыр. Такыр techтачу эмес эле. Уйкусу көбөйсө эле жакшы болуп кетет дебедиби.

— Күйөө балаң бүгүн врачка көрсөтөм деп жатат.

— Ээй, кайдагы жок сөздү айтып жатасың, доктур сакайта турган оору эмес. Буга жин-пери тийип, эпкиндеп эле калган. Докдурга барбайт, этпейт.

Уулкан өзүнчө алкынып алды.

— Сенин кыялың жаман, баланын да көңүлүн калтыра турган болдуң, келген сайын опурула берип.

— Э, өлүгүнү көрөйүн ошонун, арак ичет, кесепети да тийип жатат.

— Эптүү сүйлөсөңчү кемпир, угуп калса уят. Жаш болгон соң теңтуштары менен анча-мынча...

— Сүйлөбө качан болсо таламын талашып турасың.

Арсар менен Самат күн чыкканда ойгонушту. Арсар

етен, көзүн балбылдата ачып, терезени карады. Жаздын жагымдуу жытын сезди. Ага терезеден түшкөн күндүн жарыгы жанындай жакшы көрүндү. Саматты акырын ойготту. Ал аябай чарчагандыктан уйкунун таттуулугуна батып, көңүл иренжиткен жаман түштүн окуяларына аралашып жүргөн учуру эле. Чочуп ойгонуп башын көтөрдү. Арсар адаттагысынан башкача түр менен жылмая карады. Жалгыз өрүлүп, артына ташталган чачы, келишимдүү мүчөсүнө жарашык берип мурдагы калыбындай көрүнүшүн тартуулады. А Самат болсо Арсарга бөтөнчө жакшы көрүндү. Адаттагысындай өөп-жыттап жибергиси келди. Ак бырыч жүзү үлпүлдөгөн пахтадай сезимине тартылды. Бири-бирине магниттеше калган көздөрдү акырын ачылган эшиктин «кыйч» эткен добушу үзүлгөн лентадай ажыратты. Эчак ойгонуп, адаттагысындай сүйлөшүп отурушкан болсо баланы эмизип берсинчи деген үмүтү менен байкоо жүргүзгөн Уулкан башка чапкандай артына бурулду. Эшик кыйгач ачылган боюнча жабылбады.

* * *

Уулкандын кармангыны, жалгыз гана көзгө тутары Арсар. Ал биринчи көз ачып турмуш курган күйөөсүнөн. Андан ажырашканда Арсар үч жашта эле. Ошондон кийин төрөбөй калды. Бул тагдыр Уулкандын эрден эрге тийип акырында Ормош менен жашап калышына себепчи болду. Эл айтып жүргөндөй анын карыгандагы бактысы ушул. Ооба, Ормош кексерип калган учурунда: «Туубасаң да тутуна турган балаң бар, менин балам сенин балаң. Эки уулум өзү менен өзү болуп үй жайы башка. Кызым турмушка чыккан. Он жашка толуп толбогон бир уулум гана колумда калды. Ошону өз баландай көрүп асырасаң болгону» — деп кемпири өлгөндөн кийин Уулканды алган. Андан бери он жылдан ашык убакыт өттү. Ормош турмуштун ачуу, таттуусун көргөн түшүнүктүү адам. Ушунча жыл бирге жашап кадыр-сыйды болуп калганы менен Арсар жө-

нүндө бир ооз сөз козгоп, Уулканга акыл-насаатын айта элек. Сезиминен ооруп жүргөндүгүнө тымызын кейип жүргөн. Ошол үчүн бул жолу күйөө баласы Саматтын оюна кошула калбадыбы. Самат да кайненесинин терс кыялдуулугун, өз билгенинен кайтпагандыгын түшүнөт. «Бул боорукердик, күйөрмандык кылсаңыз врачка кайрылуу керек эле да»,— деп катуу кейинип тим болгон. Арсардын бакшы ойнотуу менен жакшы болуп кетпей турганына көзү жеткен. Бирок, өтүнүчүн орундата албагандан кийин бешиктеги наристесин эркелетип, өөп-жыттап, сагынычын таркаткан соң экинчи кайрылып келбей тургандай ойдо болуп кете берген.

Мына, «ат баспайм деген жерин миң басат» дегендей Самат арадан бир ай өтпөй тагдырына байланган үмүтүнө жетеленип дагы келди. Астананы аттаар замат керебетке таңылып жаткан Арсарды көрдү. «Ушундай кылмак сени күйөрман апаң» деди оюнда.

— Карачы мени таңып коюшту, чеч, бошот мени! — деп Арсар шолоктоп ыйлап жиберди.

Самат эмне дээрин билбей эсейип туруп калды. Оорусу катуу козголгон көрүнүшүндө. «Мейли кандай болсо да чечип көрөйүнчү деген оюна жетелене түштү. Үн-сөзсүз жанына барып жүзүнө көз чаптырды. Өңү чычаладай карара түшкөн. Адаттагысындай эле уктабаганы сезилбейт. Башкалар сыяктуу көздөрү кызарып, же үңрөйүп-чүңүрөйүп калбайт.

Арсар кербеттен бошонгондон кийин Саматка олдоксон эркелегендей болду.

— Мен баары бир сенден ажырабайм. Сен эмне десең ошого көнөм. Баягыда догдурга алып барам, сакайтып жиберем деп эмнеге алдап качып кеттиң?..

Арсар шолоктоп ыйлаган калыбында элдир-селдир оюндагыларын айта баштады.

Самат сабырдуулуктун жеткен чегинде турду. Мурдагысындай оор сөздөрдү боюна сиңирип, жакшы мамилесин

өзгөрткөн жок. Баладай алдап, акырында жайына түшүрдү...

— Кандайсың балам, менден өтсө кечир, карылык да! — деп Уулкан кирди.

— Жогол, көзүмдөн алыс кет, сен менин энем эмессиң! — Арсар катуу кыйкырып Уулканга карай атырылды. Самат колунан тартып, кайра олтургузду.

— Балам кечир мени. Догдурга көрсөтсөң көрсөт. Үч күндөн бери шайыбызды алды, амалыбызды курутту.

— Сүйлөбөгүн Саматка, сүйлөөгө акың жок! Арсар дагы атырылды. Самат бул жолу тек койду...

Саматтын оюо ордунан чыкпады. Гүлчө менен Кара-Суунун аралыгы алыс. Жетип келгенче түш болгон. Эртең эртелеп жолго чыгып, врачка алып барууну чечти. Уулкан болсо азыр барсаң да мейли деген ойдо эле. Оорунун алааматы күчтүү. Түн ортосу болуп калганына карабастан Арсар кирпик какпай, өзү гана эмес Саматты да тынчытпады. Башын жаздыкка койбой жуурканга аягын салган калыбында көйнөкчөн олтурду. Саматтын сезимине бир ой кирип, кайра ал экинчи ой менен үзгүлтүксүз алмашып тунжуроодо. «Ушундай азаптуу тагдырларга туш келгенимди кара. Баса ыраматылык атам менен апам пешенеңе жазганын көрөсүң деп, жакшы тилектерин айтып калышчу эле. Алардын айткандары менин пешенеме тескерисинче жазылып калган окшойт. Кайран гана Нургүл десе. Пешенеме ошол көз ачып алган жарым эле жазылып калбаганын карачы. Анын да оор мээнетинин азабын туптуура бир жыл тарттым, акырында асылган мээнет албай койбойт дегендей боор оорусу алып тынбадыбы! А мунусучу?!» Мына ушундай ойлордун түпкүрүндө ач калган балыктай чабак урду. Арсар дагы эмнегедир Саматтын тунжуроосуна жол бергенсип терезедеги жарыктан көзүн албай далайга турду. Анан болбосо ар кайсыны сүйлөп, Самат үчүн ойлоого да убакыт бербейт болуучу...

Тунжураган түн өз милдетин өтөп таң атты. Күн тоо чокусунан нурун ааламга чачыратып чыга келди. Үй ичине

таң шооласы эми гана баш багып, терезеден жарык киргенде Арсар жаздыкка кырынан тийип уктап кетти. Самат да анын башын оңуна келтирип коюп уйкуга кирди.

* * *

Асфальтталган чоң жолдо жеңил автомашина Кара-Суудан Ошко карай багыт алып зымыроодо. Арткы орундукта Уулкан менен Арсар. Алар бири-бирине араз болгон адамдарча сүйлөшүшпөйт. Уулкан канткен менен энелик мээримин төгүп, кызы Арсардын өмүрүн тилеп баратты. «Кудайым шыпаа берсе догдурлар себепкер болуп, айыгып кетсе ажеп эмес» деп купуя үмүт улады. Самат болсо шофердун жанында. Анын сезими сергектенип, көңүлдүүлүккө бийленген. Көп убакыттан бери врачка жолугууну эңсеп жүрүүчү. Арсарды врачтын дарылоосунан эле айыгып кетүүчүдөй ойлоочу. Мына бүгүн кеч болсо да жолго чыгып, ошол үмүтүнө багыт алган. Тээ алыскы горизонтко карай сапар чегип, Сулайман тоосунан аркан бою көтөрүлгөн күнгө карады. Адам өмүрү да тоодон чыгып, кайра тоого баткан күндүн жолундай тура. Ооба, өмүр ушинтип өтө берет. Самат оюн андан ары уланткысы келбеди. Дароо башкага бурду. Өзүн башка бир дүйнөдө канат күүлөп учуп бараткандай туйду. Туулуп өскөн айылы, андагы кооз жайлоолор, арчалуу жылгалар элестеди.

## МЕН КӨРГӨН ОКУЯЛАР

Ар күнү өйүзгү Үч-Үңкүрдөн «үү-ү, үү-ү» деген үн угулганда качанкы бир учурдагы чоң энем айткан жомоктогу дөөлөр, азыткылар, шайтандар сезимимди бийлейт. Ооба, күн батып, айлананы караңгылык кучагына алган кезде бул үн кезектүү тыныгуусу менен кайталанат.

— Ата,— дедим бир күнү уктаар алдында,— Үч-Үңкүрдүн ээси барбы?

— Бар балам, бардык эле жердин ээси болот.

— Үч-Үңкүрдүн ээси ыйлаакпы?

Атам мени жылмая карап:

— Ыйлайт. Түн бою ыйлап чыгат,— деди.

— Ал мне үчүн ыйлайт,— дедим.

Атам эмнегедир ойлоно калды да:

— Анын балдары да согушка кеткен. Ошол согушка кеткен балдарынын бирөө өлүптүр, ошого ыйлап жатпайбы,— деп улутуна тим болду.

— Чынар чоң энемдин баласындай ок тийип өлүптүрбү?

— Ооба.

— Анан Чынар чоң энем таңсаарлап ыйлайт го? Үч-Үңкүр эмне үчүн таңдан ыйлабай түнү ыйлайт?

Ал күндүзү иштейт, балдарын багат.

Атам ушинтип жооп берди. Чынар чоң энемдин Касым деген баласын угузганына үч гана күн болгон. Баса, жарыктык десе ар күнү таңсаардан үн тартып ыйлай турган. Анын үнү Үч-Үңкүрдүн «ээсинин» үнүндөй эмес, абдан катуу созолонуп...

Арадан бир жума өттү. Чоң энем күн сайын эмес, үч-төрт күндө бир ыйлай турган болду. Ал эми Үч-Үңкүрдүн «ээси» болсо баягысындай эле ар күнү кечинде «үү--ү, үү-ү» деген үнүн токтоткон да, өзгөрткөн да жок. Менин балалык сезимимде дагы бир суроо туулду. Аны атама да апама да айтпадым.

Күн өтө берди. Бир нече ай сапарын узатты. Карагай-Башы деген жайлоого көчүп барганбыз. Чынар чоң энемдин үйү Бодур-Ташта, биздики Булак-Башыда. Аралыгы алыс эмес, үйүнүн түндүгү, асманга чубалып барып сиңип кетип жаткан түтүнү көрүнүп турат.

Жайлоодо жүргөнүбүздө балалык оюндарыбыздын ичинен эң эле кызыктуусу суу мылтык атышуу, балапан багуу. Биздин айылда Осмонбек менен Калыйча үчөөбүз өтө ынак элек. Айылды аралап өткөн шар суунун боюна барып, аюу балтыркандан суу мылтык жасап, адаттагыдай эле оюнубузду уланттык.

— Менин мылтыгым абдан жакшы,— деди Калыйча.

— Меники да жакшы,— дедим али жасалып бүтө элек мылтыгымды мактап. Биз минтип мактанып жатканда Осмонбек карап турмак беле, ал да өз мылтыгын мактап, сыймыктана карап койду.

— Кана, эми бута атып көрөбүз,— дедим мылтыгымды жасап бүтөрүм менен.

Тоо суусу тунук. Түбүндөгү таштар көрүнүп турат. Күн ысып тургандагы суунун денеге жагымдуулугун айтпа. Ушул сууну желпип өткөн сыдырым жел да көңүлдү сергитип бөтөнчө таасирдүү. Биз суунун ортосундагы төөнүн өркөчүндөй болуп оркоюп чыгып турган ташты кароолго алдык.

— Кана Калыйча сен атчы,— дедим. Ал мылтыгына суу сордуруп күчүнүн болушунча атты. Бутага жетпеди. Андан кийин мен аттым. Калыйчанын мылтыгынан узагыраак барды. Бирок, бутага жетпей калды. Осмонбектин мылтыгы огун катуу шилтеп жибергендиктен жарылып кетти...

— Кел атышабыз,— деди Осмонбек жаңы мылтыгын жасап бүтүп.

— Мейли атышабыз,— дедим мурчуюп.

Экөөбүз суунун тайыз жеринде, бири-бирибизден беш-алты кадамчалык алыс туруп атыша баштадык. Суу мылтыктан чыгып жаткан суу экөөбүздүн оң келди жерибизге тийип жатты. Улам тездетип, бири-бирибизге жакындай бердик. Осмонбек бетиме жаба атып жатты. Мен да бетке атып жаттым. Акырында менин мылтыгым жарылып кетти. Колум менен чача баштадым.

— Чыдагын да мен да колум менен чачууга жарайм — деп Осмонбек энтиге токтоп калды. Ачууланып тилдеди. Мен дагы андан калышпадым. Ал муш койду. Мен да муш койдум... Бизди карап турган Калыйча эчак кеткен...

Мен үчүнчү жолу урганда Осмонбек суудан чыга качты. Артынан мен да чыктым. Ал жээкке чыгарымда муш койду эле мурдумдан кан атып, ыйлап жибердим. Коркуп кетти окшойт өзү да ыйлай баштады. Экөөбүз бири-бирибизди тилдеп алганыбыз болбосо, мурдумдун каны токтоп,

жуунуп тазаланган соң тынчып калдык. Ал кандай ойдо болуп жатты экен, менде кара пикир жок. Кайрадан оюнду баштагым да келип турду.

— Чалкандан кеткир, ботом эмне кылган, таш менен коюп жибергенби?

Апам алкынып жетип келип, Осмонбекке таш алып качырды. Ал булт коюп жүрүп берди. Кейип-кепчип дегеңдете жетелеп алып үйгө жөнөдү.

* * *

— Кечээкиден бүгүн күн абдан ысык,— деди Калыйча.

— Ооба, ысык,— дедим мен.

Асман ачык. Өзгөчө Кара-Сороң тоосунун чокусунан көрүнгөн үлпүлдөгөн ак булуттар ар кайсы жерге үйүп койгон пахтадай болуп сүйкүмдүү көрүнөт. Адаттагыдай айлана жымжырт. Чак түш. Койлор жарчекте жуушап жатышат. Жолборс үйдүн көлөкөсүндө, тилин салаңдатып, акактайт.

— Биздин урушканыбызды апама айтпай эле койбойсуңбу,— дедим көздөрүмдү Калыйчага акырайта карап.

— Кантип айтпай коё алам. Экөөң мушташып жатсаң,— деди ал уялыңкы.

— Сен жаман экенсиң — дедим ачууланып.

— Эмнеге урушканыңар жалганбы,— деди Калыйча чыйрала түшүп.

— Сен жамансың,— дедим кайталап,— Осмонбек кана?

— Апасы сени менен ойнобо деп жибербей койду. Сенин апаң аны менен ойнобо деген жокпу?

— Ойнобо деди.

— Сенин апаң жаман экен ээ, Осмонбектин апасын жулмалап урушту.

— Сүйлөбө, сени урам,— деп муштум көрсөттүм.

— Салима эже — деп кыйкырып жиберди Калыйча.

— Урбайм, тамашалап жатам.

Коркуп кеттим. Апам кызга катылып, ыйлатып койсом

ура турган, «Кызга муш тийгизбегин, жакыр болуп каласың» дечү. Ал сыртка чыгып, өз жумушу менен жүргөн эле.

— Мындан кийин урушканыбызды апама айтпагын, болуптурбу? — дедим көңүлсүз олтурган Калыйчага.

— Болуптур. Силер дагы урушпай жүргүлө да.

— Эми урушпайбыз. Осмонбекке баралыбы?

— Апасы урушуп, кубалап жиберсечи?

— Анда сен барып чакырып кел.

Балалык өзүнчө бир кайталангыс доор тура. Урушканыбыз да, жарашканыбыз да бат. Осмонбек экөөбүз бири-бирибизге мурчуюп, сүзүшө кетчү улактардай бетме-бет туруп калдык. Анан солгун көрүштүк. «Баланын арасына түшүп болбойт, алар бүгүн урушса эртең жарашып алышат. А силер эмне болдуңар эми жүз карагыс болуп... Коңшулук кайда калды?» — деп атамдын кейиши ушул учурда эсиме түштү. Анткен менен дароо унуттум.

— Бүгүн тегирмен жасап ойнойлубу? — деди Осмонбек.

— Туура айтасың, жүргүлө,— дедим кудуңдап, сүйүнүп.

Аюу балтыркандын муунун тегерете кесип алып, ага төгөрөктөтө куурай сайып, пара жасадык. Сабагын ылайыктап кесип алып, ноосун жасап орноттук. Ага арык даярдап, суу бурдук. Пара безилдеп айлана баштады. Мына ушунусу бизге кызык. Балалык оюнубузга мас болгон үчөөбүз бул күнү үйгө кеч кайттык. Үйгө жакындаган сайын «апам эмне дээр экен» деген гана бир ой тынчсыздантты. Ооба, үчөөбүздүн тең санааркообуз ушунда эле.

О, апалар минтип учуп-күйүп, оюнга тойбой турган курагында балдарын урушуп, тилдебесе не болот экен?.. «Эненин көөнү балада, баланын көөнү талаада» деген сөз туура белем. Баса, эненин жүрөгү кандай согуп, камкор сезими ар дайым балага орноп турганын алар кайдан билсин.

Ушинтип тоо жактан кимдир бирөө үн катып, өзүнчө эле сүйлөп жаткандай туюлду.

Күн олтуруп, тээ алыскы алыскы тоо чокуларындагы булуттар манаттай кызарып не бир ажайып көрүнөт. Аба салкын тартып, ары жагымдуу, ары көңүл сергитээрлик. Койлор маарап короого келе баштаган.

— О, куучунак, бооруң атала болгур.

Астананы аттарым менен апам жемеге алды.

— Жок дегенде түштө келип тамак ичип албайсыңбы. Саарккы тамак менен жүрүп ысык өтүп кетпедиби. Мусабайдын өткөктөн кеткирине кошулбагын дебедим беле. Чала болот сага, эми мурдуңду буза койсо экен.

Апам мынчалык катуу жемеге алчу эмес. Курсагыбыздын ачканын кантип сезбейли. Осмонбекти жиберип үйүнөн талкан алдырып жегенбиз. Аны айтсам ишенбеди. «О, байкуштар апалары эмне деп жатат экен?» Ушул ой урунду. Апам талкан чалынган айранды алдыма койду.

— Ич муну!

Кежирлигим кармап токтоло калдым.

— Ичкин деп жатам, мына бул чыбыкты көрдүңбү.

...Ал учур ошондой эле. «Күзүндө күркүрөп, жайында жалдырап» деп калышчу. Анан согушка каарданышып, ага күнөөнүн баарын оодара салыша турган...

* * *

Жайлоодон жакалай түшүп, Кайыңдынын түбүнө конгонбуз. Айлыбызда баягы эле үч үй...

Бүткүл жандуунун кышка карата камылгасы башталды. Айланадагы өсүмдүктөр жашыл түрүн өзгөрттү. Ооба, көп жылдык өмүр рахатын көрүүчү өсүмдүктөр үчүн бул учур тиричилик аракетин токтотуп, эс алуу гана болду. Ал эми бир жылдык өсүмдүктөргө күз айы картаюуну, жок болууну алып келди. Бирок, келерки жылга үрөнүн — жаз көркүн сээп кетти. Бул алардын табиятка берген зор камкордугу, бүткүл жандуулардын жашоосу эле.

Жакага көчүп түшкөндөн кийин биздин байлык сези-

мибизди алтын уябыз — мектебибиз бийлей баштады. Мектеп ачылып, окуу эртерээк эле башталса экен деген эңсөө оюбузда. Өткөн күндөрдү санап тынчсызданабыз.

Ошентип күтүнгөн күн да кирип келди.

— Эртең окууңа барасың, оюнуңду токтот. Киркоогуңду жууйм,— деп апам саарлап эскертти. Кечээ күнү Гүлчөдөн алып келген сумка бөтөнчө көрктүү көрүнөт. Атам алып келе жатканда астынан тосуп чыгып, колунан ала коюп аябай сүйүнгөмүн. Ага дептеримди, китептеримди салып койгомун.

Күн батып түн кирип, таң да атты. Башка күндөрү тур-тур дедирип жатып, күн тийгенде араң ойгоноор элем. А бул жолу эрте турдум. Калыйча менен Осмонбек менден да эрте турушуптур.

— Эй жоокер ушул убакка чейин даяр эмессиңби? — деп Осмонбек сырттан кирип келип шылдыңдуу күлүп койду. Ошол кезде бири-бирибизди жоокер атачубуз. Кыштоого түшкөнүбүздөн кийин жыгачтан мылтык жасап, эки топко бөлүнүп «майданга» чыгаар элек. Бир топту «фашисттер» деп атап, аларды жеңип, туткундап, колдорун артына байлап жер сүздүрүп олтургузуп койчубуз. Кинодон эмнени көрсөк ошону туурап, оюнубузду улантабыз.

Жарыктык апам сабакка жөнөй берерде токтотту.

— Э, ботом мынча эрте кайда? Тамак ичип алып жөнө, ысык өтүп кетет.

— Апа айран ичип алдым — дедим.

— Айран тамак болчу беле,— бас үйгө кир!

— Кечигем апа, кечигип калам.

Дегдеңдетип үйгө жетелеп кирди.

— Апа кечиктим, балдар кетип калышат.

Менин жалынып-жалбарып жибергениме энелик мээрими төшөлө түштү белем: «Ме муну жеп алгын» — деп бир сындырым нанды колума карматты да жолго чыгарды.

Байлоодон бошонгон козудай сыртка чыгарым менен чуркадым. Осмонбек менен Калыйча анча узабай күтүп

турушуптур. Бирибизден бирибиз өтүп, кээде жай, кээде жүгүрүп бара жаттык. Үч-Үңкүрдүн алдынан өтүп бара жатканда жүрөгүм зыр дей түштү. Атамдын айтканы — Үч-Үңкүрдүн «ээси» көз алдыма элестей калды.

— Акырын сүйлөгүлө,— дедим жолдошторума. Экөө тең мени бир тиктеп алышып үндөбөй калышты. Үч-Үңкүр бизден далай эле бийикте, алыста турса да анын ээси жүгүрүп түшүп келип, кармап кала тургансып коркуп жаттым. Буркан-шаркан түшүп агып жаткан дарыянын боюна жеткенде:

— Өй дейм, ой Үч-Үңкүрдүн ээси бар. Түндөсү ыйлайт,— дедим чочулап.

— Сен качан көргөнсүң?

— Атам айткан. «Үү-ү, үү-ү» деген үндү угасыңбы?

— Угам, өй ошол ээси бекен? О, ал жаман болсо керек ээ?

— Атаң калп айтыптыр, ал үкү. Мен дагы атамдан сурагамын, үкү деген,— деп Калыйча оюбузду бөлдү.

— Ооба сага үкү ошентип адамга окшоп үн чыгармак беле. Сенин атаң калп айтыптыр...

Ошентип мектепке баарынан мурда бардык. Бизден башка эч ким келише элек экен. Залга портреттер, фотомонтаждар илинген. Мектеп өзгөчө коозделуп, жаңырып калган. Башканы билбейм, мен айрыкча кубанычтамын. Баарыдан да Лениндин сүрөтүн ары өтүп да, бери өтүп да карайм. Кайсы жагына өтпөйүн Ленин менден көзүн албай карап, жаңы окуу күнүм менен куттуктап жаткандай туюлат.

Күткөн коңгуроо да кагылды. Окуучулар өз-өз класстарына кириштi. Мен баарынан мурда кирип өз партама олтурдум. Атамды калп деп айткан Калыйчанын сөзүнө ызалуумун. Ал партасына олтурар замат агайдан сурайбыз деп эскерттим.

Агайыбыз кирди. Баарыбыз ордубуздан турдук.

— Саламатсыңарбы? — деп агайыбыз күлүмсүрөй карады.

— Саламатсызбы агай.
— Отургула.
— Агай менде суроо бар, айтсам болобу,— дедим олтурбастан.
— Болот, сурай бер.
— Өйүзгү кара үңкүрдүн ээси барбы?
— Кандайча ээсин айтып жатасың? — деди агай түшүнө бербей.
— Ар түнү «Үү-ү, үү-ү» деп кыйкыра берет го?
— А ал үкү.
— Агай мен үкү десем ишенбей койгон. Сенин атаң калпычы экен го.
Аябай ызаландым. Калыйчага акырая карап, сумкамды алып кетмекчи болгонумда:
— Ай сага эмне болду? — деп агай кармап калды. Шолоктоп ыйлап жибердим эле коё берди. Класстан кандайча чыкканымды билбейм, түз эле үйгө бардым...

* * *

Атам колхозго чабан болуп өткөн. Жайлоого көчүп барганбыз. Үчүнчү классты бүтүп жайкы каникулдамын. Ар күнү атам менен жайытка бирге чыгам. Түшкө чейин бирге жүрүп анан үйгө кайтам. Өтүп жаткан ар бир күн мен үчүн узак сезилет. Баягыдай оюн жок, зеригем. Калыйча менен Осмонбек, алар менен бирге жүрүп ойногон күндөрдү эстейм...
— Ата дейм ата,— дедим бир күнү жайытка чыгып баратып,— бүгүн койду өзүм эле кайтарып келейинби?
— Жок балам, али жашсың, кийин чоңойгондо багасың,— деди да эмнегедир капчыгай тарапка көз жүгүртө калды,— тээтиги көчкү түшкөн жерди көрдүңбү?
— Ооба,— дедим колумду серепчилей карап.
— Ал жерде мазар арча бар.
— Мазар деген эмне? Ал ушундай эле арча болобу? — дедим такып.

— Ушундай эле, бирок азиз арча балам. Тепсесең бутуң ооруп калат. Ээси бар.

— Ата ээси ким?

— Ээси сага да, мага да көрүнбөйт.

— Эмне үчүн көрүнбөйт, бизден коркобу? — дедим кебелбей. «Атам дагы калп айтты, атам калпычы» деген ой сезимимде турду.

— Олдо балам ай, арчанын тегерегине таш тизилген бутактарына кыркынды чүпүрөктөрдү байлап койгон. Көрүп калса сени да бутактарына байлап таштайт.

— Анда кыйкырып жиберем, сиз барып чечип аласыз да.

— Каран күн десе, кайдан да көрсөтө койдум эле.

Атам абдан кайгырды. Анан койлордун алдына өтөйүн, сен ушул жерде тур деп ыкчамдата бастырып кетти...

Бул күнү түшкө калбай эле үйгө кайттым. Мазар арча оюмду бийлей баштады. Береги шылдырттап агып жаткан булак суусун бойлоп өтүп, калың аюу балтыркандын арасы менен жүрүп олтурдум. Дал өзүнөн, тушташ чыгыпмын. Атам айткандай бутактарына самсаалатып чүпүрөк бйлап коюптур. А дегенде чын окшойт деп сестендим. «Калп, баары калп, атам мени корксун дейт окшойт, мен чоң жигитмин, эч качан коркпоймун» дедим оюмда. «Кана, бас алга, чык арчага» дедим купуя буйрук берип. Калыйча шылдыңдап карап тургандай элес келди. Шарт-шарт кадамдарымды шилтеп, какая басып бардым да арчага чыктым. Атам айткандай шек жок, ээси да көрүнбөдү. Бутактарындагы ар кыл түстөгү чүпүрөктөрүнөн алдым. Ооба, оңуп түсүн жоготуп койгондорун албадым. Акырын түшүп, кыйыктарды койнума каттым. Шап кармап кала тургансып, артыма элеңдеп карап коюп келе жаттым.

* * *

Атамдын айтканындай болбоду. Бутум да ооруган жок. Анткен менен оюмду кайдагы жок нерселер ээлеп,

төөнүн өркөчү сыяктанган соксойгон таш, анын жанындагы мазар арча алдымдан кетпеди. Бир оокумга дейре уктай албай жаттым...

Эртеси мазардан алып келген чүпүрөктөрдү очокко салып, өрттөп жибердим. «Мазар арча, анын ээси өрттөндү, жок болду» дедим оюмда. Атамдан мазар жөнүндө андан кийинки учурларда эч нерсе сурабадым. Ага барып келгенимди айтпадым. Баса, алып келген чүпүрөктөрүмдү көрүп калса эмне дээр эле?..

* * *

Кийинки күндөрдө атам менен бирге жүрүүгө абдан көнүгүп калдым. Менден башка үйдө ойной турган бала жок. Айыл бизден алыс, үргөн иттеринин доошу угулбайт. Үйдө калган күнү өзүмдөн өзүм буйланып... Ооба апамдын тынчын алып, зериктим деп ыйлайм. Ошон үчүн атам өзү менен кошо жайытка алып чыгып кете турган болгон.

Койлордун артында бара жатканымда өзүмдү кадимки эле койчумандай сезем. Атам кичинекей ала таяк жасап берген. Атам кандай кармаса аны туурайм. Кээде белиме коюп, эки колумду артылтып алам.

— Ата, мага койду кайтарта бер көнүп калдым — дедим. Баягысындай эле баласынтты, макул болбоду. Андан кийин күн сайын сурана бердим.

— Олдо балам ай, эртең кайтарып келесиң,— деди кечки тамактануу учурунда. Кубанганымдан черим жазылганча эркеледим. Атам эркелетүүдөн тажабайт эле... Ушул түнү катуу уктапмын.

— Эй, чоң койчу, турбайсыңбы, кой кайтаруучу адам эрте турат,— деп жалынып-жалбарып ойготту. Көзүмдү ушалаган бойдон туруп кийиндим.

— Айланайын, койчу болгон жаныңдан, мунум бир эмгекчил адам болот го. Ке, Салийма койчуга тамак берчи? — деп атам карс-карс күлүп алды. Мага деп катып койгон нандан, тамак-аштан апам алдыма койду. «Нан

ушунчалык кымбатпы, өзүлөрү эмне үчүн күн сайын жешпейт?» деп купуя ойлодум. «Согуш балакет качан бүтөөр экен, жылдан-жылга турмуш оорлошуп баратат» деп атамдын кейигени оюма кылт этти.

Атамды Үч-Үңкүр айлындагылар Кабыл мерген деше турган. Ооба күз айларында кийик, кышында болсо кекилик, коён атып келүүчү. Алтымыштан өтүп, карылыкка моюн сунганыбы, же койчулукка өткөнүнөнбү мергенчилик кылбайт. Бирок теңтуштарынан кыйла эле тың жүзүндө бырышы жок. Кайраттуу мурутунда, чокчо сакалында ак талы билинбейт. Чачтары гана бирин-серин буурулдана баштаган. Чулу денелүү балбан адам...

* * *

...Атам койду кандайча кайтарат болду экен? Абдан чарчадым. Кыязы койлордун алдын тосуп, кайрып коюуну билбедим. Балалык эмеспи. Койлордун кайсы тарабы узап бара жатса эле ошол жагына өтүп, акырындасын деген ойдо артка кайрыйм. Койлор оюмдагыдай болбойт, акырындабайт. Кайрып койгон жакка кете берет. Кыскасы койлордун артынан ээрчип, жүгүрүп гана жүрдүм. Бутума тикен кирип ыйладым. Күндөгүмдөй эркин жүрө албадым. Баарынан дагы кекиликтин, ар түрдүү чымчыктардын балапандарын айтпа, кээде бутума аралаша түшүп быр этип учуп кеткеничи.

Чак түш болуп күн төбөгө келди. Койлор тескейден жайыла түшүп, суу боюндагы калың аюу балтыркандын арасына кирди. Эми гана тынчыдым. Сууга бетимди жууп, кымыздык аарчып жеп, эс алууга өттүм. Атам алыстан көзөмөлдөп, мага көз салып турган окшойт.

— Э, Сиренбек, Сиренбек ай,— деп үн чыгарды.

— Ата мен мындамын,— деп ордуман тура калдым.

— Бери келчи уулум — деп атам жылмая карап, жерден тамтуң баскан балача мени көтөрүп ала коюп, кыса кучактады, анан эки бетимден өптү да:

— Бар уулум үйгө, Азамат байкең келди,— деди.

Чынын айтсам Азамат байкемди абдан жакшы көрчүмүн. Өзүмчө бир эркин дүйнөдө бараткансып дүүт-дүүт деп, үнүмдү автомашинанын үнүнө окшотуп, жүгүргөн бойдон үйгө кирип бардым.

Азамат байкем төрдөгү ала кийизде олтуруптур. Саламдашып, анан кучакташып көрүштүм. Тизесине олтургузуп, чөнтөгүнөн конфет алып берди. «Эки бир тууган» деген жомок китепти колума карматты да:

— Баягы жомокту окудуңбу? — деп сурады. Аны окуган эмесмин, калп айта албадым...

Байкем келген кезде апам көөдөнүнө кубанычын батыда албай калат. Жан алы калбай тамак жасайт. Рас, апам тургай мен да абдан сагынып кала турганмын. Чөп орок маалында кем келүүчү. Байкем менен эркимче сүйлөшүп олтурбадым. Апамдын буйругун аткарып, от жагып жаттым. Жыгач отун болгондо жөнү башка эле. Куурайды бир тутам салсам да, эки тутам салсам да жалп этип күйүп, эки колдо тыным жок.

Тамак ичилип бүткөн соң байкем экөөбүз адаттагыдай сүйлөштүк.

— Байке дейм байке,— дедим, ал мени карады,— мен бүгүн кой кайтардым. Кантип кайтардың десеңиз?

— Айт садагасы, кантип кайтардың? Ал жылмая карап бетимден өөп койду.

— О, мен дал атамдай кайтардым. Атам барган жок аке өзүм эле кайтарып жүрдүм. Мен кичинекей койчумун, атам болсо чоң койчу ээ?

— Ооба сен кичинекей койчусуң, чоңоёсуң анан чоң койчу болосуң.

* * *

...Жылт этип өчкөн от сыяктуу күн уясына батты. Жайдын күнү жаш баладай дегендей ар кайсы тараптан агылып келип калың булут асманды каптап калды. Айла-

на көзгө сайса көрүнгүс. Койлор эчак жуушап, түнкү тынгууда. Үйдүн оң жак капшытына жакын жаткан онтоок кой ынтыгып... Атам байкемден кыштоодогу жаңылыктарды терип-тепчип сурап жатты. А мен болсо байкем алып келген жомок китепти чыракты маңдайыма коюп алып окуп олтурдум. Туурдукту дабыратып жамгыр да өз күчүн көрсөтүүдө. Ушул учурда короодогу койлор үрктү. Астананы сагаалап турган Жолборс арс-арс үрүп алып короону айлана жүгүрдү. Баарыбыз сыртка кыйкырык ызы-чууну ала чыктык.

Биздин үнүбүздү маңдайкы тоо-таштар кайталап, алыска, тээ алыска таркатты. Койлор үй жакка ыктап чогула түшкөн. Бир аздан кийин иттин үнү да өчтү. Караңгы түнгө сиңип кеткенсиди.

— Ме Жолборс, ме,— деп итти чакырдым. Минтип чакырганымда арс-арс үрүп коюп жетип келүүчү.

Атам асма чыракты алып, короону бир сыйра кыдырды.

— Ой оңбогур десе карышкыр тийген тура. Бирөө-жарымын иле качкан окшойт,— деп кейиди.

— Антпей калсын, кудай сактасын,— деп апам да бир кырсыкты туюп жаткансыды.

Баарыбызда эле тынч ой болбоду. Жолборстун үнү чыкпай калышы мени айрыкча тынчсыздантты.

— Ата Жолборс жок го? — эми эле сырттан кирип, суу болгон таар чепкенин чечип олтура калганда сурадым.

— Ал карышкырдын артынан кетти балам. Аны тоодон ашырып анан келет.

Баятан бери нөшөрлөп жаап жаткан жамгыр сээлдей түштү. Жамгыр сабаган туурдуктун дабыраган доошу да токтоду. «Карышкыр күчтүү, баатыр болот дебеди беле, Жолборсту өлтүрүп койсо эмне болот? Каап, жамгыр болбогондо мылтыкты октоп алып атам артынан кууп жетип атып өлтүрөт эле. Ушул ойго жетелендим да таттуу уйкуга тартылдым... Эртеси койлорду короого имерип, атам-

дын алдынан чубуртуп өткөрдүк. Ал таягы менен санап жатты.

— Бирөө жок,— деди акырында. Койлорду кайрадан кароого имерип чогулттук. Атам аралай басып, мындан беш күн мурда энеси өлүп жетим калган козунун жоктугуна кейиди. Ушунча койдун ичинен ошол жетим козунун жоголгонун кара?

Күн тоо чокусунан кирпиктерин чачыратып, балбылдап чыга келди.

— Азамат,— деди атам,— сен Татты-Булак жакка барчы. Тиги жонго чыгып мен дагы аркы өйүздү акмалап көрөйүн.

— Койлор короодон узап, жайытка чыгарылар замат жолго чыктык. Байкем мени учкаштырып алды. Түз жерге келгенде тике тура калып, айланага көз чаптыра калам.

— Э, Сиренбек, итинди карышкыр жеп койсо керек,— деди.

— О, биздин ит карышкырды жеп коёт. Былтыр кышта Сыдыкты аттан оодара тартпады беле, билесиз го,— дедим байкемдин сөзүнө териге түшүп. Ичим туз куйгандай ачышып, Жолборстун элеси көз алдымда. Куйругун шыйпандатып азыр эле алдымдан чыга калчудай сезилет.

Байкем күлүп: «Анда сенин итиң адамды да жеп коёт тура» — деди.

— Жок, адамды жебейт, карышкырды жейт.

Байкем дагы күлдү. Анан колун серепчилеп тээ алыска карады.

— Сиренбек, тээтиги жыбытчадагы карааңды карачы?

— Кана-кана байке,— дедим тике тура калган калыбымда.

— Бет алдыңды түптүз кара ошол итиң болсо керек?

— Ооба, көрдүм экөө экен, кыймылдап жатат.

Көрүнгөн караандын эмне экендигин так биле албасам дагы:

Ме Жолборс, ме Жолборс,— деп кыйкырдым. Ит

акактап жүгүрүп келип, үзөңгүнү туштап бизге секирип, кыңшылап жиберди. Анан келген жагына кайрылып арс-арс үрүп койду.

— Козу дал ошол жерде экен,— дедим сүйүнүп. Жолборс биздин алдыбызга өтүп, желе жортуп кетип баратты. Жакындаганыбызда ит жүгүрүп барып өлүп жаткан карышкырды аткып-аткып тиштеп алды да козуга өтүп жыттагылап туруп калды. Ооба, айбан да болсо эрдигине сыймыктанып жаткансыды. Биздин ит Жолборс деп атап коюшубузга жараша башы чоң, жолборс сыяктанган ит эле. Куйругу эчкинин куйругундай болуучу. Узун болгондо бир көргөн адам аны жолборстон айрый алмак эмес...

## МАЗМУНУ

Өмүр . . . . . . . . . . . . . . . . . 5
Ашууда . . . . . . . . . . . . . . . 27
Дүйнө . . . . . . . . . . . . . . . . 46
Карыянын өкүнүчү . . . . . . . . . . . 55
Үзүлбөгөн үмүттөр . . . . . . . . . . . 57
Мен көргөн окуялар . . . . . . . . . . 68

*Сапар Абылов*

**НАЧАЛО**

Рассказы

(На киргизском языке)

Издательство «Кыргызстан»

Рецензенти *Х. Бапаев*
Редактору *М. Жуматаев*
Көркөмдөгөн *А. Мисюрев*
Көркөм редактору *К. Сейталиев*
Тех. редактору *Ж. Сороонкулова*
Корректору *К. Саадатова*

ИБ № 2590

Терүүгө 9. 11. 1983-ж. берилди. Басууга 30. 03. 1984-ж. кол коюлду. Д—02782. Басмаканалык № 3 кагаз. Адабий арибн, жөнөкөй ыкма менен басылды. Форматы $70 \times 108^{1}/_{32}$. 2,625 физ басма табак, 3,675 шарттуу басма табак, 3,715 учеттук табак, 3,850 боёк түшүрүү. Тиражы 5000. Заказ № 468. Баасы 20 т.

Элдердин достугу ордендүү
«Кыргызстан» басмасы.
720737. ГСП. Фрунзе шаары, Совет көчөсү, 170.

Кыргыз ССР басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча мамлекеттик комитети Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы. Кыргызполиграфкомбинаты.
720461, ГСП, Фрунзе, 5, Жигули көчөсү, 102.